№13
(3566)
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Жума,
2024-жылдын
16-февралы
# Эркин-Тоо
www.erkin-too.kg

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек ЖАПАРОВ:

# "БИШКЕК ЭКОНОМИКАБЫЗДЫН ЛОКОМОТИВИ БОЛУШУ КЕРЕК"



2-БЕТТЕ

ИЙГИЛИКТҮҮ ИШ САПАР

www.erkin-too.kg

# АРАБ ЭМИРАТТАРЫ МЕНЕН АЛАКА ЧЫҢДАЛУУДА




***Президент Садыр Жапаров Бириккен Араб Эмираттарына 12-февралдан 14-февралга чейин иш сапары менен барып, дүйнөлүк саммитте сөз сүйлөдү. Мамлекетке инвестиция тартуунун алкагында бир катар жетекчилер менен жолугушту.***

Дубай шаарына болгон сапарынын алгачкы күнү Садыр Жапаров Абу-Даби өнүктүрүү фондунун башкы директору Мухаммад Саиф Аль Сувэйди менен жолугушуп, анда ири инфраструктуралык, инвестициялык жана социалдык долбоорлорду ишке ашыруу боюнча кызматташууну мындан ары тереңдетүүнүн актуалдуу маселелери боюнча пикир алмашуу болду.

Мамлекет башчысы Кыргызстан менен Абу-Даби өнүктүрүү фондунун ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн ырааттуулугун канааттануу менен белгилеп, эки өлкө Президенттеринин сүйлөшүүлөрүнүн жыйынтыгы боюнча түзүлгөн Биргелешкен холдинг компаниясы каржылаган долбоорлорду тез арада ишке киргизүүгө кызыкдар экендигин билдирди.

Ошол эле күнү БАЭнин энергетика жана инфраструктура министри Сухэйл Аль-Мазруи менен сүйлөшүүлөр болду. Жолугушуунун жүрүшүндө эки тараптуу кызматташууну мындан ары кеңейтүү, дипломатиялык, соода-экономикалык байланыштарды чыңдоо, биргелешкен инфраструктуралык жана энергетикалык долбоорлорду ишке ашыруу маселелери талкууланды.

Буга чейин жетишилген келишимдерди ишке ашыруу маселелерине токтолгон Мамлекет башчысы "Masdar" компаниясы тарабынан күн электр станциясынын курулушуна өзгөчө маани берилерин айтып, Кыргызстан аталган долбоордун алкагында милдеттенмелерин өз убагында аткарарын баса белгиледи.

Энергетика жана инфраструктура министри Сухэйл Аль-Мазруи быйыл Кыргызстанга БАЭнин соода миссиясы келерин, ага соода-экономикалык байланыштарды бекемдөө үчүн ири эмираттык компаниялардын өкүлдөрү кирерин кошумчалады.

13-февралда Садыр Жапаров 10-Дүйнөлүк Өкмөттөр Саммитинде сөз сүйлөдү. Өз сөзүндө Мамлекет башчысы Кыргызстандын мындан аркы өнүгүүсү боюнча көз карашы менен бөлүштү. Ал баса белгилегендей, акыркы үч жылда Өлкө аткаруу бийлигинин бардык тутумун модернизациялоо, Өкмөттүн ишин трансформациялоо, коррупцияга каршы элдешкис күрөш, жаңы экономикалык саясатты ишке ашыруу жана калкка көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтардын тутумун санариптештирүү аркылуу терең экономикалык кризистен акырындык менен өнүгүүгө өттү.

Дүйнөлүк Өкмөттөр Саммитинин аянтчасында Садыр Жапаров инвесторлор менен бир катар жолугушууларды өткөрдү. Атап айтсак, Өлкө жетекчиси "Newpath Partners" компаниясынын башкаруучу директору Томас Кэхилл менен жолугушту.

"Newpath Partners" - медициналык-биологиялык илимге инвестиция салуу менен алектенген венчурдук фирма. Анын негизги максаты – илимий изилдөөлөрдүн алгачкы этаптарында илим чөйрөсүндөгү ишкерлерге колдоо көрсөтүү. 2018-жылы "Newpath Partners" компаниясы Prime Medicine, Chroma Medicine, Kojin Therapeutics, Exo Therapeutics, Kisbee Therapeutics жана Myeloid Therapeutics камтыган компаниялардын портфолиосун куруу боюнча өзүнүн биринчи долбоорун ишке киргизген. "Newpath Partners" көмөгү менен 16 инвестиция тартылган. Акыркы инвестициялар 2023-жылдын 25-сентябрында "Nvelop Therapeutics" компаниясына 100 млн АКШ доллары тартылган. "Newpath Partners" ошондой эле 2023-жылдын 1-мартында 3 инвестиция жасоого жардам берип, Chroma Medicine компаниясына 135 млн доллар чогулта алган.

Президент Садыр Жапаров Кыргызстанда чет өлкөлүк уюмдар жана инвесторлор менен ар кандай тармактарда тыгыз кызматташууга өзгөчө көңүл бурулуп жатканын канааттануу менен белгилесе, "Newpath Partners" компаниясынын башкаруучу директору Томас Кэхилл биргелешкен долбоорлорду ишке ашыруу үчүн Кыргызстан менен реалдуу кызматташууга даярдыгын жана ниетин билдирди.

Ошондой эле БАЭнин Вице-президенти, Премьер-министри, Дубайдын Башкаруучусу Мухаммад бин Рашид Аль Мактум менен жолугушуу болуп, анын жүрүшүндө Кыргызстан менен Бириккен Араб Эмираттарынын ортосундагы эки тараптуу кызматташтыкты мындан ары тереңдетүү маселелери талкууланды.

Мухаммад бин Рашид Аль Мактум Президенттин Дүйнөлүк Өкмөттөр Саммитине катышуусун кубаттап, анын БАЭге сапары жана жетишилген макулдашуулар өлкөлөр ортосундагы достук мамилелерди мындан ары чыңдоого жаңы дем бererине ишенимин билдирди. Ал эми Садыр Жапаров Кыргызстан менен БАЭ ортосундагы соода-экономикалык алакалардын активдүү жанданышын канааттануу менен белгилеп, 2013-жылдан бери Дубайда өтүп жаткан Дүйнөлүк Өкмөттөр Саммити дүйнө өлкөлөрү үчүн практикалык кызыкчылык туудурган маселелерди талкуулоо үчүн натыйжалуу аянтчага айланганын айтты.

Ага катар, Президент Садыр Жапаров Hinduja Group компаниясынын Төрагасы Гопичанд Хиндужа менен жолугушту. Hinduja Group – экономиканын он бир негизги секторунда болгон индиялык трансулуттук конгломерат. Компаниянын негизги ишмердүүлүгүнө автоунаа куруу, мунайды кайра иштетүү, банк иштери жана каржы, маалыматтык технологиялар жана IT-кызматтары, саламаттыкты сактоо, соода, инфраструктуралык долбоорлорду иштеп чыгуу, массалык маалымат каражаттары жана көңүл ачуу, энергетика жана кыймылсыз мүлк кирет. Компаниянын дүйнө жүзү боюнча болжол менен 100 млрд АКШ доллары өлчөмүндөгү активдери бар.

Садыр Жапаров Кыргызстан инвесторлор үчүн өз ара пайдалуу шарттарды түзүүгө даяр экендигин белгилеп, банк, тоо-кен жана туризм тармагына инвестицияларды тартууну карап көрүүнү сунуштады. Өз кезегинде Гопичанд Хиндужа сунушталган долбоорлорду деталдуу изилдөөгө кызыкдарлыгын, ошондой эле аларды ишке ашыруу үчүн бардык ресурстарды пайдалануу ниетин билдирди.

13-февралда Президент Дубай ислам банкынын төрагасы Мухаммад Аль-Шайбани менен жолугушуп, ири инвестициялык долбоорлорду биргелешип ишке ашыруу, ошондой эле Ислам каржылоо принциптерине негизделген банк кызматтарын өнүктүрүү маселелери талкуулады. Мамлекет башчысы Кыргызстан өз ишин шариат ченемдерине ылайык так жүргүзгөн толук кандуу финансылык институтту ачууга кызыкдар экендигин белгилеп, бул максаттар үчүн республикада укуктук база бар экенин жана мындай финансылык кызматтарга кызыгуу чоң экенин билдирди.

Дубай ислам банкынын төрагасы Мухаммад Аль-Шайбани Садыр Жапаров белгилеген долбоорлордун маанилүүлүгүн канааттануу менен айтып, өз ара пайдалуу кызматташтыктын артыкчылыктуу багыттарын изилдөө үчүн банктын өкүлдөрүнөн турган жумушчу топту Кыргызстанга жиберүү ниетин билдирди. Баарлашууда ал туризм тармагында биргелешкен долбоорлорду да ишке ашырууга кызыкдар экендигин ачыктады.



# ЧҮЙ ОБЛУСУНДА ӨТКӨН ЖЫЛЫ 33 ОРТО ЖАНА ЧАКАН ИШКАНА АЧЫЛГАН

***Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Кыргыз Республикасынын Президентинин Чүй облусундагы өкүлчүлүгүнүн коллегиялык жыйынына катышты.***

Жыйында Акылбек Жапаров Чүй облусунда ачылган ири ишканалардын ар бирин жеке өзү көрүп чыкканын, эми өндүрүлгөн товарларды экспортко чыгаруу жаатында активдүү иш алып баруу зарылчылыгына токтолуп, ушул максатта инвестициянын көлөмү 100 млн долларды түзгөн "Wildberries" компаниясынын соода логистикалык борборун Аламүдүн районунда 38 гектарга куруу боюнча аракеттер жүрүп жатканын белгиледи.

Жыйындын соңунда, Төрага өлкөдө жасалып жаткан реформалар, анын ичинде көмүскө экономиканы ачыкка чыгаруу, санариптештирүү тармагындагы алгылыктуу аракеттер тууралуу маалымат берип, жалпы мамлекеттик кызматкерлерди өз ишин берилүү менен аткарып, өлкөнүн мындан аркы өнүгүүсүнө салым кошууга чакырды.

# БИШКЕК ЭКОНОМИКАНЫН ЛОКОМОТИВИ БОЛУШУ КЕРЕК

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Бишкек шаарынын мэриясынын коллегиясынын жыйынына катышты.***

Коллегиянын отурумунда муниципалитеттин 2023-жылдагы ишинин жыйынтыгы жана 2024-жылга карата милдеттери талкууланды.

Коллегиянын жыйынында сөз сүйлөгөн Төрага Акылбек Жапаров шаардын бюджетин көбөйтүү үчүн болгон потенциалга басым жасап, салыктарды башкаруу, инвентаризациялоо, бухгалтердик эсеп, муниципалдык менчикти башкаруу боюнча иштерди күчөтүү зарылдыгын белгиледи. Ал ошондой эле бардык процесстерди санариптештирүү зарылдыгын кошумчалады.

"Бишкек шаары биздин экономикабыздын локомотиви болушу керек. Шаардын жашоосунун маанилүү тармактарын электрондук түрдө көзөмөлдөө жана мониторинг жүргүзүү үчүн бардык процесстерди санариптештирүү зарыл. Шаарда тазалык, коомдук коопсуздук, шаар чөйрөсүнүн эстетикасы жана жашылдандыруу боюнча өзгөчө тартип жана эрежелерди киргизүү зарыл. Шаар жашоочулар үчүн жана туристтер үчүн ыңгайлуу болушу керек. Бизге кооз архитектуралар, беш жылдыздуу мейманканалар керек. Быйыл футбол стадионунун курулушу күтүлүүдө. Коюлган пландардын ичинде бардык инфраструктурасы бар заманбап бизнес-борбордун курулушу да бар", - деди Акылбек Жапаров.

Мэриянын коллегиясынын жыйынынын соңунда салыкты башкаруу, санариптештирүү, катализаторлору жок унаалардын экологияга зыяндуу заттарды чыгаруусуна талаптарды жана көзөмөл чаралары боюнча иштерди күчөтүү боюнча бир катар тапшырмалар берилди.

# КЫРСЫКТЫН ЧЫГЫМДАРЫ АНЫКТАЛУУДА

***Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Бакыт Төрөбаевдин жетекчилиги алдында Бишкек шаарынын Жылуулук электр борборундагы штаттык эмес кырдаалдын себептерин аныктоо боюнча мекемелер аралык комиссиянын көчмө жыйыны болуп өттү.***

Жеринде болгон көчмө жыйындын жүрүшүндө комиссия мүчөлөрү ЖЭБдин аймагын кыдырып чыкты, ошондой эле жабыркаган имараттарды көрүштү. Учурда келтирилген чыгымды аныктоо иштери жүрүп жатат. Мындан тышкары, борбор калаа муниципалитети "Бишкекжылуулук" ААКсы менен биргеликте жылуулукту жана ысык сууну өчүрүү мезгилине карата керектөөлөрдү кайра эсептөө иштерин жүргүзүүдө.



**Кылычбек КУДАЙБЕРГЕНОВ**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

КҮНДҮН ТЕМАСЫ
www.erkin-too.kg

# СӨЗ ЭРКИНДИГИ – ЧОҢ ЖООПКЕРЧИЛИК







Ушул аптада Президенттин Аппараты тарабынан демилгеленген “Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө” мыйзам долбоору боюнча депутаттар бир пикирге келе алышпай арсар абалда турат. Чын эле мыйзам долбоору быша электир. Бирок, учурдагы маалыматтык коопсуздуктун алкагында алып караганда аталган мыйзамдын сунуш кылынып жатышы мыйзам ченемдүү көрүнүш. Сөз эркиндиги – чоң жоопкерчилик. Ошондуктан, бул маселеге кылдат кароо кажет.

Менимче, аталган мыйзам долбоорунун негизги максаты – электрондук маалымат каражаттарын мыйзамдуу жолго салуу. Маалымат таратуу жаатында иштеген журналисттерди каттоодон өткөрүү маселеси коюлуп жатыптыр. Мындай демилгеге өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрү, тагыраагы чет элден каржыланган тарап каршы. Алар “сөз эркиндиги басмырланып жатат” деген дооматтарды коюшуп, ошону менен бирге ЖМКлар жөнүндөгү кабыл алынуучу мыйзамды өткөрбөй коюуга аракет кылышып, чет жактагы кураторлоруна кайрылып, өлкөгө басым жасатууну көздөгөнү байкалат.

Азыр дүйнөдө маалыматтык “согуш” жүрүп жатат. “Ким маалыматка ээ болсо, ал – дүйнөнү башкарат” деген сөз бүгүн өзгөчө актуалдуу. А насилинде, маалыматтык коопсуздук өлкө үчүн экономикалык коопсуздуктан маанилүү. Мамлекет ушул жаатта туруктуу саясатын иштеп чыгышы кажет. Президенттик Администрация тарабынан Жогорку Кеңешке сунуш кылынып жаткан ЖМКлар жөнүндөгү мыйзам долбоору учурдун көйгөйлүү маселесин жөнгө салуучу маанилүү документ десек жарашат. Буга депутаттар кайдыгер карашы мүмкүн эмес. Анткени, ЖМКлар жөнүндөгү 1992-жылы кабыл алынган мыйзам моралдык жактан эскирип бүттү. Ал учурда интернет-ресурс, вебсайт деген түшүнүк жок эле. Бүгүнкү күндө маалыматтын дээрлик бардыгы электрондук түйүндөр аркылуу таркатылууда. Сунушталып жаткан мыйзам долбоорунда интернет-ресурстарын жөнгө салуу, вебсайттарды каттоо жана кайра каттоо маселеси коюлуп жатыптыр. Мунун неси жаман? Чет өлкөдөн грант алган тараптар неге чычалашат? Мунун бир гана сыры бар. Анткени, алар чет жактан агылып келген каржы булактары билинип калат деп коркушат.

1992-жылы кабыл алынган ЖМКлар жөнүндө мыйзамда деле юридикалык тарап, кесиптик ишмердүүлүгү боюнча каттоодон өтүү талабы бар болчу. Маселен, Юстиция министрлигинен жоопкерчилиги чектелген коомун (ЖЧК) каттасаң, ЖЧКнын алдында гезит ачкан адам өзүнчө күбөлүк алчу. Ошондуктан бул талап жаңылык эмес.

Бирок, өзүн эркин журналист сезишкен айрым маалымат таратуучу тараптар бул мыйзамга баш ийбей келишкени маалым болду. Юстиция министринин орун басары Орозбек Сыдыковдун айтканына караганда, 24 kg, govori.tv, kloop.kg, kaktus.media, Temirov LIVE жана башка маалымат таратуучу тараптар юридикалык жак же коомдук уюм болуп катталганы менен өз ишмердүүлүгү боюнча күбөлүк алышпаптыр. Аталган маалымат булактары талап кылган сөз эркиндиги үстөмдүк кылган өлкөдө, албетте, мыйзамдуулук сакталышы кажет. Эмнегедир, бул маселе аларды кызыктырбагандай.

Мына ушул эле көз карандысыз журналист, блогер деп аталгандар ар түрдүү фонддордон, уюмдардан жана башка гранттык каражаттарды алып келишкени жөнүндө Президент Садыр Жапаров “Кабар” агенттигине берген маегинде кеңири маалымат берген. Алсак, жалпысынан kloop.media, "Медиахаб", kaktus.media, "ПолитКлиника", factcheck.kg, T-Media маалымат агенттиктери жана башкалар жыл сайын чет элдик донорлордон 600 000 АКШ долларынан жогору өлчөмдө гранттык каражаттарды алып турган экен. 2017-жылдан 2020-жылга чейин Демократияны колдоо боюнча улуттук фонду кыргызстандык БӨУларга, журналисттерге жана блогерлерге 8 471 614 АКШ долларын которуптур. Сөз эркиндигине жамынган дооматтын төркүнү ушул жакта болуп жүрбөсүн? Бул гранттык каражаттар сөз эркиндиги, медиа коомчулукту колдоо, көз карандысыз журналистиканы өнүктүрүүгө жумшалбай – бийликти жаман көрсөтүү, мамлекеттик бийликти каралоо, коомдун тынчын алуу, Конституцияга каршы чакырык кылуу жана жалпысынан улуттук коопсуздукка коркунуч жараткан жалган маалыматтарды таратуу саясаты жүргүзүлүп жатканын Өлкө башчысы баса белгилеген.

Бул маселенин бир жагы. Экинчи жагын айталы. Маалыматтык коопсуздук маанилүү экенин жогоруда сөз кылдык. Бүгүнкү күндө интернет-ресурстарынын дээрлик бардыгы өзүнүн маалыматын Фейсбуктагы баракчасы аркылуу таратып келишет. Мына ушул жерде маселе бар. Кечээ жакында эле Инстаграм, WhatsApp жана Фейсбук социалдык түйүндөрү кирген “Мета” компаниясынын башчысы Марк Цукерберг социалдык түйүндөрдөн балдары жабыр тартты делген ата-энелерден кечирим сурады. Цукербергден башка “Мета”, TikTok, Snap, X жана “Дискорд” сыяктуу социалдык түйүндөрдү иштеткен технологиялык компаниялардын жетекчилери АКШнын сенаторлорунун суроолоруна төрт сааттай жооп беришти. Мына окурман, цивилизациянын туу чокусуна жетти деген Америкада социалдык түйүндөр маселе жаратууда. Алардын депутаттары тынчсызданууда. Республикачы-сенатор, Сенаттын Юридикалык комитетинин мүчөсү Линдси Грэм социалдык түйүндөрдү “адам өмүрлөрүн алып, демократиянын өзүнө коркунуч жаратып жатат” деп айыптады. Бул маселе бизде жокпу? А балким, мыйзамды өркүндөтүп, мына ушуга окшогон опурталдуу маселелердин алдын алуу азыр депутаттар үчүн өтө маанилүүдүр!

Социалдык түйүндөрдөн жаш балдар эле эмес, коом жабыр тартышы мүмкүн. Себеби, бүгүнкү күндө Инстаграм, WhatsApp жана Фейсбук социалдык түйүндөрү кирген Марк Цукербергдин империясы дүйнөнү каптап кетти. Мына ушул жерде америкалык актёр Саши Коэндин, «Биз 2,5 миллиард адам иче турган сууну бир адамдын башкаруусуна жол бербейбиз. 2,5 миллиард адам пайдаланган электр жарыгын бир кишинин башкаруусуна жол бербейбиз. Эмне үчүн биз бир адамга 2,5 миллиард адамдын маалыматын башкарууга уруксат беребиз? Фейсбук император эмес, муну мамлекет жөнгө салышы керек», - деп жазганын эстедим. Калетсиз айтылган сөз.

Цукербергдин империясы мамлекеттин саясий ишмердүүлүгүнө түздөн-түз таасирин тийгизип жатат. Керек болсо, бир түндө саясий өзгөрүү жасап коюуга кудурети жетет десек болот. Мындай көрүнүш маалымат коопсуздугу үчүн коопту эмеспи?

Маалыматтарга назар таштасак, 2022-жылдын декабрына карата Фейсбуктун аудиториясы 2,96 миллиард колдонуучуну түзүптүр. Бул эми сайтка айына бир жолудан кем эмес киргендер же белгилүү бир убакыттын ичинде "Like" баскандар экен. 2011-жылдын октябрында сайттагы баракчаларды көрүүлөрдүн саны 1 триллионду түзсө, 2015-жылы сайттагы видео көрүүлөрдүн саны күнүнө 8 миллиардга жетиптир. Ал эми Instagram 2010-жылдын 6-октябрында негизделгенден бери эң көп колдонуучулары бар социалдык тармактардын бири болуп калыптыр. Анын кызматынан күн сайын жарым миллиард адам колдонот экен. Платформанын дүйнө жүзү боюнча ай сайын 12,8 миллиарддан ашык активдүү колдонуучулары бар дейт маалыматта. Datareportal маалыматына ылайык, 2023-жылдын октябрында WhatsApp дүйнө жүзү боюнча ай сайын 2 миллиард активдүү колдонуучуга ээ болуптур. Бул WhatsAppты дүйнө калкынын болжол менен 24,8%ы колдонот дегенди билдирет. WhatsAppты дүйнөдөгү интернет колдонуучулардын 33,33%ы ай сайын колдонот экен.

Америкалык актёр Саши Коэндин сөзүндө жан бар бекен. Бар, албетте. Бул көрсөткүчтөр жылдан-жылга көбөйүп баратканы талашсыз. Анын ичинде Кыргызстанда социалдык түйүндөргө азгырылгандардын саны күн санап арбып баратат. Бул маселе эмеспи? Өтө көйгөйлүү маселе. АКШнын сенатын түйшөлткөн маселеге, кыргыз парламенти көңүл буруп койсо артыкбаш болбойт.

Абсолюттук эркиндик болбойт. Чет жактан доллар менен ири суммада каражат алып, өзүн “эркин журналистмин” дегендерге ким ишенет? Ошондой эле Фейсбукта бийликти жактаган тарап блогерлерди акча төлөп жалдап иштеткени дагы ачыкка чыгышы керек. Маалымат саясатында баарына бирдей эреже болушу кажет. Мыйзамдуу түрдө каттоодон өтүп иштөө талабы үстөмдүгүн жүргүзүү шарт. Ансыз, баш аламандык жоюлбайт. Жоопкерчилик болбойт. Американын Сенатынын Юридикалык комитетинин мүчөсү Линдси Грэм социалдык түйүндөрдү демократияга коркунуч келтирип жатасыңар деген сөзүн унутпайлы.

**Шекербек КАЛЫКОВ**

КАТЫРА ЖАЗЫЛГАН КАТТЫН ЖООБУ...
www.erkin-too.kg

Саясий илимдердин кандидаты, доцент Чолпонбек СЫДЫКБАЕВ:

# “ПРЕЗИДЕНТ САДЫР ЖАПАРОВ САЛМАКТУУ ЖҮЙӨЛӨРҮ, ТАШКА ТАМГА БАСКАНДАЙ АРГУМЕНТТЕРИ МЕНЕН ЖООП БЕРДИ”

**- Чолпонбек мырза, АКШнын Мамлекеттик катчысы Энтони Блинкен кыргыз парламентинде каралып жаткан “Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндөгү” мыйзам долбооруна тынчсызданусун билдирип, Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровго кат жолдогон. Президент Садыр Жапаров мамкатчынын катына дароо терең мазмундагы жообун узатып, сөзүнүн аягында өлкөнүн ички иштерине кийлигишпөөнү суранды. Мына ушул маселе боюнча сиздин пикириңизди билсек болобу?**



- АКШнын Мамлекеттик катчысынын Өлкө башчысына кайрылып жатканы бир чети күтүлгөн табигый көрүнүш. Себеби, АКШ көп жылдардан бери эле демократия, адам укуктары, сөз эркиндиги сыяктуу баалуулуктарды жайылтуучу кудуретти күчтүү борбордун ролунда келатат да. Бир чети бул баалуулуктар АКШнын дүйнөгө таасир этүүчү саясий механизмдери болуп саналат. Ал эми анын рычагдары - тигил же бул мамлекеттердеги өкмөттүк эмес уюмдар. Мени кубандырганы, Президентибиз Садыр Жапаров жоопту катыра берди (сөздүн түз маанисинде). Ал өзүнүн жообун салмактуу жүйөлөрү, ташка тамга баскандай аргументтери менен бышыктай алды десек болот. Анан эң башкысы анын жыйынтыктоочу сөзү. Бул тышкы саясаттагы улуттук кызыкчылыктарды көздөгөн маанилүү стратегиялык кадам.

**- Бул жерде улуттук кызыкчылык боюнча сөз жүрүп жатат, ошол боюнча кыскача түшүнүк бере кетсеңиз...**

- Улуттук кызыкчылык түшүнүгү экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки “саясий реализм мектебинин” калыптанышы менен пайда болгон эл аралык мамилелер системасынын маанилүү стратегиясы. Реалист окумуштуулар улуттук кызыкчылыкка негизделген тышкы саясат кайсы бир универсалдуу моралдык принциптерди жетекчиликке алган тышкы саясатка караганда артыкчылыкка ээ дешет. Ал эми мамлекеттин негизги кызыкчылыктары – Кыргыз Республикасынын конституциялык түзүлүшүн, эгемендигин жана аймактык бүтүндүгүн коргоо, улуттук бийликти бекемдөө, улуттук коопсуздукка коркунучтарды азайтуу, жагымдуу коңшулук алкакты түзүү жана өнөктөштүккө негизделген мамлекеттер аралык кызматташтыкты өнүктүрүү. Арийне азыр “улуттук кызыкчылыктар” термини эл аралык аренада көбүрөөк колдонулат. Улуттук кызыкчылык – абстрактуу жана субъективдүү категория. Анткени, анын параметрлери тигил же бул коомдо өкүмдарлык кылган дүйнөтаанымга жана баалуулуктар системасына жараша аныкталат. Ушул себептен ага өтө так аныктама берүү кыйынга турат. Бирок, ар бир мамлекет эл аралык аренадагы өз ишмердүүлүгүн, керек болсо согуштук аракеттерин улуттук кызыкчылыктарын коргоого болгон аракет катары түшүндүрүп актанаары бул факт. Демек улуттук кызыкчылык – мамлекеттин керектөөлөрүн чагылдыруу, андап түшүнүү, анын жашап кетүүсүнүн жана ишмердүүлүгүнүн өбөлгөлөрү.

**- Демек, ушул жагынан алып караганда Президенттин жообу өтө маанилүү экен да?**

- Албетте! Бир катар жылдар бою, керек болсо эгемендикке ээ болгондон бери эле ашкере гумандуулукка, дипломатиялык чеберчиликке, аярлыкка шылтоолоп баарынын (Батыштын да, Чыгыштын да, Орусиянын да, Кытайдын да ж.б.) көңүлүнө карап, баарына макул дей берип запкысын тартып калган учурлар көп болгон. Жакын арада дүйнөдө геосаясий кайра форматташуу процесси башталган турат, аны геосаясаттагы “тектоникалык жылыштардан” байкасак болот. Айталы, ошол эле АКШ мурунку 20, 30 жыл мурдагы АКШ болуудан калып бара жатат, туурабы? Буга чейин бейөкмөт уюмдар коомчулук тарабынан да, бийлик тарабынан да коргоого, колдоого алынчу. Алар алган каражаттардын агымына, долбоорлорунун түпкү максатына анчалык маани деле берилчү эмес. Мен ПРООНдун “Децентрализация жана социалдык мобилизация” деген долбоорун жакшы билем. Ал долбоор өлкөнүн ар кайсы облустарында, пилоттук райондордо 3 жылдык мөөнөттө ишке ашырылган. Мисалы, Нарын облусунда Кочкор, Ысык-Көлдө Тоң, Ошто Алай, Жалал-Абадда Аксы, Чүй облусунун Ысык-Ата райондорунда ишке ашырылган жана алардын тажрыйбасы коңшулаш аймактарда маалмаалы менен жайылтылып турган, каржылоосу да сезилээрлик болгон. 2005-жылы март айында революция болуп, бийлик алмашты. Ошонун алгачкы учкундары дал ошол Кочкор, Тоң, Аксы, Алай аймактарында башталган. Кийин да шайлоолордун жыйынтыгы Кочкордо, Тоңдо кандай болду эле, элдер кайсы аймактарда активдүү көтөрүлдү эле? Балким бул жөн эле дал келүүдүр. Арийне, айрым долбоорлор аймактын элинин саясий маданиятын өзгөртүүгө салым кошуп ийгенин жокко чыгарууга болбойт. Кыскасы, улуттук кызыкчылык - улуттук коопсуздук менен тыгыз байланыштуу түшүнүк.

**- Анда эмне үчүн коомдун айрым бөлүгүндө ал мыйзам долбооруна карата наразычылык, авторитаризмге ыктоо болуп жатат деп жатышат?**

- Элге 100 пайыз жагыш деги эле мүмкүн эмес. Турмуштун өзү салыштырмалуу, андыктан баары салыштырмалуу бааланууга тийиш. Мамлекеттүүлүктү бекемдөө, улуттук коопсуздукту чыңдоо, социалдык чөйрөнү өнүктүрүү жана эң башкысы бийлик менен тирешкенге жетишип калган кылмыштуулук, коррупцияга каршы күрөш ары масштабдуу, ары эрк көргөзүү менен жүрүп жатат. Бул мыйзам долбоорунун демилгелениши ушул мен санап өткөн процесстердин логикалык уландысы. Тагыраагы, мыйзамдын негизги максаты – өкмөттүк эмес, коомдук уюмдардын каржы булактарынын ачыктыгын камсыз кылуу деп түшүнүшүбүз керек. Айрым геосаясий дымагы бар же бизге көзү түз эмес өлкөлөрдөн ар кыл кара өзгөй максатты көздөгөн каржы булактарына бөгөт коюу - улуттук коопсуздуктун өнүгүнөн алганда маанилүү. Бул батыштан каржыланган саясий эле эмес, диний уюмдарга да байланыштуу. СССР кулагандан кийинки масштабдуу кризистердин айынан коомдо өкмөткө, бийликке, жалпы эле мамлекетке ишеним өтө төмөндөп, коомдун кайсы бир бөлүгү ошол ишенимди ар кандай диний агымдардан таап кеткендер көп болгон. Карайлап калган адамдарды каржылап, анан “психологиялык обработка” кылып туруп өздөрүнүн катарына тартып кетишкен. Болбосо турuктуу киреше булагы жок жөнөкөй эле биздин жарандар динди жайылтуу үчүн баарына кайыл болуп Индия, Пакистанга, Бангладешке чейин барып келип жатышат. Кайсы каражат менен деген суроо туулат да туурабы? Мына ушундай көрүнүштөр улуттук коопсуздукка коркунуч туудурган деңгээлге чейин жетип кетпеш үчүн өкмөттүк эмес уюмдардын каржы булактарынын ачык болушун шарттап жатат.

## БИР СОБОЛ

***Америка Кошмо Штаттарынын Мамлекеттик катчысы Энтони Блинкен бейөкмөт уюмдары жөнүндөгү мыйзам долбооруна тынчсызданган кат жөнөтүп, ага Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров татыктуу жообун берди. Мамлекет башчысы баарын бир бирден тизмектеп келип, соңку отуз жылдын ичинде өкмөттүк эмес уюмдардын жетекчилери чет өлкөлүк демөөрчүлөрдөн келген акча каражаттарын “жеп алганын”, “үй-бүлөлүк ишканага” айланган өкмөттүк эмес уюмдардын өзүнчө бир катмары пайда болгонун, кыргыз коому аларды “грант жегичтер” деп атап койгонун ачык айтты. Президенттин жообу боюнча кандай пикирдесиз?***

**Коомдук ишмер, Жогорку Кеңештин мурдагы депутаты Номанжан АРКАБАЕВ:**

### “ИЧКИ САЯСАТЫБЫЗГА ТЫШКЫ КҮЧТӨРДҮН КИЙЛИГИШКЕНГЕ АКЫСЫ ЖОК”



– АКШнын Мамкатчысы Энтони Блинкендин пикиринен саясий кысымды таңуулап жаткандыгы сезилип эле турат. Анын үстүнө башка өлкөлөргө өз пикирин кысым көрсөтүү жолу менен таңуулоо АКШнын тышкы саясатынын сыналган ыкмасы. Жогорку Кеңеш көтөргөн пикир туура позиция. Себеби, Америка Кошмо Штаттары демократиялык салттарды жайылтуу деген тууга жамынып алып, дүйнөгө “маданияттуу” зомбулук көрсөтүүсү кадыресе көрүнүшкө айланып калган. Ошондуктан, Президентибиздин жообу абдан орундуу жана актуалдуу болду. Эгемендүүлүк башталган 33 жыл ичинде, башкача айтканда, тээ алгачкы Президентибиз Аскар Акаевдин мезгилинен бери АКШ Кыргызстандагы бардык өзгөрүүлөргө каалагандай кийлигишип келе жатат. Биз эгемендүү өлкө болгондугубуздан улам ички саясатыбызга тышкы күчтөрдүн кийлигишкенге акысы жок. Садыр Жапаров Кыргызстандын жана Конституциябыздын гаранты катары өз өлкөсүнүн ар бир жаранынын коопсуздугуна жооп бере турган адам. Ошондуктан АКШнын биздин ички саясатка кийлигишпөөсүн түз эле айтканын туура деп баалайм.

**Журналист Абдил-Ахат КУРБАНОВ:**

### "ПРЕЗИДЕНТИБИЗДИН ТУТУНГАН ПОЗИЦИЯСЫН ТОЛУК КОЛДОЙМ"



- АКШнын биздин ички саясатка кийлигиши осолдук. Эч ким АКШнын мындай саясатын колдобойт. Ал эми Садыр Жапаров өлкөбүздүн Президенти жана КРнын Баш мыйзамынын (Конституция) гаранты катары өлкөбүздүн жана анын жарандарынын коопсуздугу үчүн жооп бере турган адам. Ошол үчүн президент жооп берди. Бул жагынан Мамлекет башчысы АКШ “дөө-шаа” мамлекет болгонуна карабай, биздин өлкөбүздүн ички турмушуна кийлигишүүсү туура эмес экендигин коркуп-үркпөй эле түз айтты. Мунусу абдан туура. Биз эгемен журт катары сырттан ким бирөөлөрдүн жетегинде болбошубуз керек. Бул жагынан жеке мен Президентибиздин тутунган позициясын толук колдойм.

Зулпукаар САПАНОВ

КЫРГЫЗ-МАЖАР ДОСТУГУ
www.erkin-too.kg

### Жогорку Кеңештин Төрагасы Нурланбек ШАКИЕВ:

# “Мажарстан Европа биримдигиндеги негизги стратегиялык өнөктөшүбүз”

Жогорку Кеңештин Төрагасы Нурланбек Шакиевдин Мажарстан өлкөсүнө расмий сапары башталган 12-февралда Бишкекте кыргыз элинин досу, мажарстандык атактуу түрколог-окумуштуу Конор Мандокинин туулган күнүнүн 80 жылдык маарекесине арналып окумуштуулар чөйрөсү жана маданий коомчулук өкүлдөрүнүн катышуусу менен чоң иш-чара өттү. Бул эки окуянын бир күнгө дал келүүсү эки тектеш элдин өткөн тарыхынын жаңырыгы сыңары Европанын чок ортосунан орун алган, кыргыз элине тамыры бир тектеш Мажарстанда да, Ала-Тоо койнундагы Бишкекте да кыргыз-мажар достугунун туусун желбиретип, анын айныгыс далили сыяктуу сезилди.



Мажар жерине барган Төрага Нурланбек Шакиев алгач Будапешт шаарындагы Баатырлар аянтына барып, Мажарстан мамлекетинин тарыхый инсандарына арналып тургузулган мемориалга гүлчамбар койду. Ал эми кийинки күнү тарыхый тамыры бир эки элдин руханий жакындыгынын күбөсүндөй болгон Лакителек аймагындагы фольклордук борбордогу улуу манасчы Саякбай Каралаевдин айкелине гүлчамбар коюп, ызаатын көрсөттү.

Аталган фольклордук борбор Мажарстан мамлекетинин Улуттук ассамблеясынын төрагасынын орун басары Шандор Лежак тарабынан негизделген. Мында байыркы доор менен азыркы учурду айкалыштырган көргөзмөлөр орун алган. Былтыр август айында кыргыздын улуу манасчысы Саякбай Каралаевдин айкелинин ачылышы болгон. Манасчынын айкелин белгилүү мажар айкелчиси Дьёрдьи Лантош жасаган.

Төрага Нурланбек Шакиев Саякбай Каралаевдин айкелин орнотууну колдогон борбордун жетекчиси, Мажарстандын Улуттук ассамблеясынын төрагасынын орун басары Шандор Лежакка ыраазычылык билдирди. – «Фольклордук борбордо залкар манасчынын айкелинин орун алышы, боордош эки мамлекеттин маданий байланышын арттырууга эле өбөлгө түзбөстөн, Мажарстан элинин кыргыз маданияты менен таанышуусуна да көмөкчү болот», - деп белгиледи Нурланбек Шакиев.

## “МАЖАРСТАН ЕВРОПАГА АЧЫЛГАН ТЕРЕЗЕ”

Жогорку Кеңештин Төрагасы Нурланбек Шакиев иш сапарынын биринчи күнү Мажарстандын Улуттук Ассамблеясынын Төрагасы, учурда Президенттин милдетин аткарып жаткан Ласло Кёвер менен жолугушту.

Сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө Төрага Нурланбек Шакиев Мажарстан Кыргызстандын Европа биримдигиндеги негизги стратегиялык өнөктөшү экенин белгилеп: «Акыркы жылдары кызматташтык жигердүү өнүгүп, Кыргыз-мажар өнүктүрүү фонду иштеп жатат. Биз боордош мажар эли менен калыптанган эки тараптуу алакаларды мындан ары да өнүктүрүүгө кызыкдарбыз. Экономикалык кызматташтыкты кеңейтип, соода байланышын күчтөндүрүшүбүз керек. Айрыкча гидроэнергетика, жашыл экономика, туризм өңдүү тармактарда инвестициялык долбоорлорду биргелешип ишке ашыруубуз кажет», - деди.

Төрага алакаларды арттырууда парламенттик дипломатиянын салымы зор экенине токтолуп, депутаттык достук топторунун жана тармактык комитеттердин алкагында да кызматташтыкты өнүктүрүү керектигин кошумчалады. Жолугушууда Мажарстандагы жогорку окуу жайларда билим алууну каалаган кыргызстандык студенттер үчүн жыл сайын 200 орун бөлүнүп жатканы айтылды. Нурланбек Шакиев университетти бүтүргөн жаштарыбыз эки элге данакер болуп, кыргыз-мажар кызматташтыгын бийик деңгээлге көтөрөт деген үмүтүн билдирди.

Улуттук Ассамблеянын Төрагасы жана Президентинин милдетин аткаруучу Ласло Кёвер Мажарстан буга чейин батышка багытталган саясатты жүргүзүп келген болсо, акыркы жылдары чыгыштагы боордош мамлекеттерге багытталган саясатка өзгөчө көңүл буруп жатканын белгиледи.

«Чыгышка карай бет буруу» аталышындагы бул саясатыбыздын алкагында Кыргызстан менен жигердүү кызматташууга кызыкдарбыз. Айрыкча соода байланышын өнүктүрүп, биргелешкен долбоорлорду ишке ашыруу башкы максатыбыз. Биз Кыргызстан үчүн Европага ачылган терезе болуп берүүгө даярбыз», - деди Ласло Кёвер. Эки тарап маданий алакалар багытында да пикир алышышты.

Ласло Кёвер Чыңгыз Айматовдун чыгармаларын мажар эли өтө баалай тургандыгын айтса, Нурланбек Шакиев мажар акыны Шандор Петёфинин чыгармалары кыргыз тилине которулуп жатканын белгиледи. Ошондой эле кыргыздар тууралуу изилдөө жүргүзгөн белгилүү мажар окумуштуусу Коңур Мандокинин эмгектери жөнүндө да сөз болду. Ласло Кёвер Мажарстанда ар эки жылда бир ири Курултайлар өтүп турарын айтып, үстүбүздөгү жылда августта боло турган Курултайга кыргыз делегациясын да күтөрүн билдирди.

Ушул эле күнү Төрага Нурланбек Шакиев баштаган парламенттик делегация Мажарстандын парламентинин ишмердүүлүгү менен таанышты. Алар жыйындар өтчү залдарды көрүп чыгып, мыйзам чыгаруу процессинин жүрүшү боюнча маалымат алды. Кыдыруунун соңунда Төрага Ардактуу коноктор китебине каалоо-тилегин жазып калтырды. Кошумчалай кетсек, Мажарстандын парламенти жайгашкан имарат 1885-1904-жылдар аралыгында курулуп, архитектуралык өзгөчөлүгү менен көпчүлүктүн көңүлүн буруп келет.

## “БИЛИМДҮҮ КООМ МЕНЕН ӨНҮККӨН ӨЛКӨ КУРА АЛАБЫЗ”

Жогорку Кеңештин Төрагасы Нурланбек Шакиев Мажарстанга болгон расмий иш-сапары учурунда ал жакта иштеген мекендештер жана билим алып жаткан кыргызстандык студенттер менен жолугушту. Ал Мажарстан менен бардык багыттагы алакаларды арттырууга өзгөчө көңүл бурулуп жатканын белгилеп, анын ичинен билим берүү тармагындагы кызматташтык жигердүү өнүгүп жатканын айтты. Жогорку Кеңеш билим берүү тармагын өнүктүрүүгө багытталган бардык демилгелерди колдой тургандыгына токтолду. - «Мыкты окуп, эл аралык мелдештерде ийгилик жаратkan окуучуларга ар дайым көңүл буруп, шыктандырып келем. Жакында эле Казакстанда өткөн эл аралык олимпиададан байгелүү кайткан балдарды кабыл алып, кийинки жылдан тарта ошол мелдешке катышкан окуучулардын ичинен чет жерде окууну каалагандар болсо ар тараптуу колдоолорду көрсөтүүнү убада кылдык. Анткени билимдүү коом менен гана өнүккөн өлкөнү кура алабыз», - деди Төрага.

Жолугушууда билим берүү тармагына жана миграциялык саясатка тиешелүү маселелер талкууланып, кыргыз жарандары үчүн Мажарстанда түзүлгөн шарт-жагдайлар тууралуу сөз болду.

Жолугушуу суроо-жооп иретинде уланып, чет жерде билим алган студенттерди иш менен камсыздоо маселесине байланышкан жагдайлар талкууланды.



**Бегим ТУРДАЛИЕВА**

ЖАКШЫ СӨЗ ЖАНГА ДАБА
www.erkin-too.kg



# ООРУГАНДЫ СУРАГАН – АЙЫККАНГА ТЕТЕ

Ушул айдын башында Жылуулук энерго борбордо (ЖЭБ) болгон өрттүн материалдык зыяндарын жоюп, калыбына келтирүүдө өлкөбүздөгү курулуш компаниялары, жеке ишкерлер, коомчулук ыкчам жардамга келип, өз салымдарын кошуп, кыска аралыкта бул абалдан чыга алдык. Баарынан адам өмүрү жана ден соолугу кымбат. Өрттөн ден соолугуна зыян болуп, денеси катуу күйгөн эки азаматыбыз учурда Түркияда дарыланууда. Кудайга шүгүр жан аман, бирок дене-бойдун 90%га чейин күйгөн жараттын колдон келишинче жакшы карап, болгон мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу менен анын денеге келтирген кесепетин азайтууга мүмкүн. Мына ушул максатта мамлекет жетекчилиги денесин күйүк алган ЖЭБдин кызматкерлерине жогорку деңгээлдеги медициналык жардам көрсөтүү үчүн Түркиянын Адана шаарындагы мамлекеттик илим-изилдөө ооруканасына жөнөткөн. Ошондой эле 17-январда Бишкектин чет-жакасында аскер вертолётунун жерге кулап түшүүсүнөн жаракат алган 2 аскер кызматчысы да ал жакта дарыланууда. Президент Садыр Жапаров кырсыктан жабыр тарткандарга өзү көңүл буруп, алардын сакаюусуна кам көргөнү элдин ичин жылытты.

Ал эми кечээ жакында Түркиянын борборуна эки өлкөнүн ортосундагы соода-экономикалык кызматташтык боюнча өкмөттүк комиссиянын отурумуна катышуу үчүн барган Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Анкарадан ат тизгинин Аданага буруп, ал жакта ЖЭБде болгон өрт кырсыгында жана аскер вертолёту кулаганда оор жаракат алышып, дарыланып жаткан жигиттерди ооруканага барып көрүп, ал-акыбалын сурап кайтты. Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров, Кыргызстандын Түркиядагы элчиси Руслан Казакбаев алардын ар бирине кирип көрүп, сүйлөшүп, ал-абалын сурады. Өзгөчө ЖЭБде болгон өрттө оор жаракат алган жигит бийликтеги үчүнчү адамдын атайын аны келип көргөнүнө ыраазылыгын кайра-кайра айтып жатты. Өкмөт башчысынын жылуу сөзүнө эреркеп жакын адамы менен сүйлөшкөндөй ачылып, ата-эненин жалгыз эркек уулу экенин, бир уул, бир кызы, келинчеги кош бойлуу экенин айтып, аларды багайын деп жанталашып, эки жумушта иштегенин да бөлүштү. "Аларды ойлоп эч кыжаалат болбо, барганда аларды мен өзүм карап турам", - деди Акылбек Жапаров жигиттин көңүлүн жубатып. - Биз дагы силердин ден соолугуңарды ойлоп жатабыз. Кудай буюрса, баары жакшы болот. Бул оорукана дүйнөдөгү эң мыкты ооруканалардын бири. Биздин дипломаттар дайыма байланышта болушат. Эгер керек болсо аларга кайсы убакыт болбосун кайрылсаңар болот. Жардамды эч аябайбыз", - деп табыштады Министрлер Кабинетинин башчысы.

Ооба, кырсык айттырбай келет. ЖЭБдеги өрт биз үчүн дагы бир сыноо болду. Элибиздин ынтымагы, башчыларыбыздын кырсыктан жабыр тарткандарга мүмкүн болгон бардык аракеттерди жасап, камкордук көрүүсү жакшы жөрөлгө. Айрыкча элдин жашоо-турмушунун ыңгайлуулугу үчүн түн күзөтүп кызматта туруп жаракат алган жигиттерди жогорку бийлик өкүлү ооруканага чейин барып көрүп ал-абалын сурап, дем-күч бергени жалпыга жагымдуу болду. Адамдын көөнүн сөз ачат деп коёт эмеспи. Жан эргиткен жакшы сөз, камкор мамиле жигиттерибизге кырсыктын кара түнүн унуткаруу менен эртерээк сакайып, аман-эсен элине келишсин деген тилектебиз.

**Бегим ТУРДАЛИЕВА**

## МИГРАНТТАР АЗАЙДЫБЫ ЖЕ АЛАРДЫН ИШТЕП ТАПКАН АКЧАСЫ АЗАЙДЫБЫ?



Улуттук Банктын маалыматына ылайык 2023-жылы мигранттарыбыз өлкөгө 2 млрд 706 млн доллар акча каражатын которушкан. Бул 2022-жылга салыштырмалуу 12%га азайды дегендик. 2022-жылы тышта иштеп жүргөн мигранттарыбыздан 3 млрд 86,5 млн доллар өлкөбүзгө которулган. Анын 93%ы Россия Федерациясына туура келет.

## ӨНӨР ЖАЙ ИШКАНАЛАРЫ ӨСҮҮДӨ

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаровдун чечими менен түзүлгөн "Кыргызиндустрия" ААКсы өлкөбүздөгү өнөр жай ишканаларын жандандыруу жаатында чоң иштерди аткарууда.



Анын президенти Жарасул Абдураимов Ош облусуна болгон иш сапарынын алкагында "Жемишкампа" ААКсы, жаңы балык чарбасы болгон "Кыргызтообалык" жана минералдык жер семирткичтерди чыгаруучу заводдун курулушун кыдырып чыкты. Ал өлкөдө бийликтин колдоосу менен чакан жана орто бизнести өнүктүрүү үчүн бардык зарыл болгон шарттар түзүлүп жатканын айтты. Мындан тышкары Министрлер Кабинетинин токтомунун негизинде "Кыргызиндустрия" ачык акционердик коомуна ишенимдүү башкарууга өткөрүлүп берилген "Кыргызлифт-Ош" ЖЧКсынын жана "Кара-Кулжа автотранс" ААКнын автобекетинин учурдагы абалын көрүп чыгып, андагы соода кылган ишкерлер менен жолукту.



## МАМЛЕКЕТТИК САТЫП АЛУУНУН АЧЫКТЫГЫ – КОРРУПЦИЯДАН КОРГОЙТ

Бишкекте Финансы министринин орун басары Улугбек Календеров Дүйнөлүк Банктын Борбордук Азия боюнча командасынын жетекчиси Камрул Хасан менен мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү мыйзамдардын туруктуулугу жана Дүйнөлүк Банк каржылаган долбоорлор боюнча маселелерди талкуулады. "Бүгүнкү күндө биз акыркы тенденциялардан артта калбай, жаңы чакырыктарды эске алуу менен өз позициябызды чагылдырабыз. Учурда мамлекеттик сатып алуулардын абалын ачык-айкын талдоо рынокту коррупциядан коргоого толук мүмкүндүк берет", - деди У.Календеров.

## АКСЫ ОКУЯСЫНДА ЖАБЫРКАГАНДАРГА ЖӨЛӨК ПУЛДУН ӨЛЧӨМҮ КӨБӨЙДҮ

Ушул жылдын 5-февралынан тартып Жалал-Абад облусунун Аксы районунда 2002-жылдын 17-18-март окуяларында курман болгондордун үй-бүлө мүчөлөрүнө жана жабыр тарткандарга социалдык төлөмдөрдүн өлчөмү көбөйтүлдү. Жөлөкпулдун өлчөмү 3700 сомдон 4500 сомго жогорулады. Бул тууралуу Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги кабарлады.

## "КАРА ОТУН" МЕНЕН КАМСЫЗДАЙТ

Ош облусунун Кара-суу районундагы Папан айыл аймагы үчүн заманбап атайын техникалар сатылып алынды. Техникаларды сатып алуу "Папан-Турук" фондусунун колдоосунда ишке ашты. Фондду түзүү Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Эльчибек Жантаевдин сунушу жана көмүр казуучу компаниялардын, көмүр ташуучу айдоочулардын колдоосу менен ишке ашырылган. Жаңы техникалар калкты "кара отун" менен камсыз кылууда иштин сапатын жакшыртат жана Папан айыл аймагын тейлөөнү да камсыз кылмакчы. Бул тууралуу облустагы Президенттин ыйгарым укуктуу өкүлүнүн басма сөз кызматы билдирди.





## ЖАЗГА КАРАТА ЖАҢЫРГАН СУУ САКТАГЫЧ

Лейлек районунун Маргун айылындагы суу сактагычты реконструкциялоо иштери жүрүүдө. Суу сактагыч 20 миң чарчы метрди ээлейт. Аны жаңылоого 2023-жылы 11 млн сом каралган. Азыркы учурда курулуш иштери аягына чыкты. Райондук суу чарба башкармалыгынын башчысы Базарбай Асановдун билдирүүсү боюнча 1-мартта суу сактагыч ишке киргизилет.

## 1-МАЙ АЙЫЛ ӨКМӨТҮ ЭҢ МЫКТЫ

Ала-Бука районунун акимиатынын коллегиясында 2023-жылдагы социалдык өнүгүүнүн жыйынтыгы чыгарылды. Өткөн жылдагы жетишкен ийгиликтердин жыйынтыгына ылайык "мыкты айыл өкмөтү" наамына 1-Май айыл өкмөтү татыктуу болуп, өз жетишкендиктери менен район аймагында биринчи орунга чыкты. Айыл өкмөтүн Мухтар Шербаев жетектейт. Ал эми "мыкты жетекчи" номинациясына Ала-Бука районунун жалпы дарыгерлик тажрыйба борбору татыктуу болду.

Коллегияга Жалал-Абад облусундагы Президенттин ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппарат башчысы Уларбек Исмаилов катышты.

***Даярдагандар Бегим ТУРДАЛИЕВА, Мээрим БАКТЫБЕК кызы***

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити



## АЙМАКТАРДА

### АЙЫЛДЫК ООРУКАНА ЖАҢЫ ЛАБОРАТОРИЯЛУУ БОЛДУ

Баткен облусунун Кадамжай районунун Үч-Коргон айылындагы дарыгерлер борборунун лабораториясы эскилиги жетип, авариялык абалдагы имаратта жайгашып келген. Эми 2 кабаттуу лаборатория курулуп бүтүп, пайдаланууга берилди. Директор Орозбек Муратовдун айтуусунда жаңы имарат бардык санитардык нормаларга жооп берет. Имарат мебель жана медициналык жабдуулар менен камсыздалып, интернет да киргизилди. Лабораториянын жаңы имаратын курууга 3 млн 450 миң сом жумшалды.

### ООГАН СОГУШУНУН КАТЫШУУЧУЛАРЫНА ЭСТЕЛИК

Аксы районунун Үч-Коргон айыл аймагындагы жеңиш паркында ооган согушуна катышуучуларга арналып эстелик тургузулду. 14-февралда анын ачылышына райондун акими Замир Сыдыков, айыл өкмөт башчысы Мамагисак Жапаров, айыл эли, ооган согушунун ардагерлери катышты. Мектеп окуучулары бул иш-чарага арнап концерттик программа даярдашкан. Ооган согушуна бул айыл аймактан 22 адам катышып, 21и жерине аман-эсен кайтып келишкен. Азыркы учурда 16 ооганчы-ардагерлер бар.

Эстеликти тургузууга жергиликтүү бюджеттен 700 миң сом бөлүнүп берилген.

Кошумчалай кетсек, 15-февралда Ооганстандан советтик аскерлердин чыгарылышына туура 35 жыл болду.

### БОЛОТ МАЙКАНАЕВ КЫЗМАТТАН КЕТТИ

Жайыл аймактык ооруканасынын башкы врачы Болот Майканаев министрдин буйругуна ылайык ээлеген кызматынан бошотулду. Анын кызматтан кетиши алдын ала маалыматтарга ылайык, 36 жаштагы келиндин төрөт үйүндө каза болушуна байланыштуу болушу мүмкүн. Эске салсак, 11-февралда орун алган бул кайгылуу окуяга байланыштуу министрдин тапшырмасы менен 12-февралда ал жакта текшерүү жүргөн.

Райондук оорукананын жаңы директору болуп Нурбек Жумаев дайындалды. Ал буга чейин Токтогул райондук ооруканасынын директору болуп иштеген.

### ТҮШТҮК КОРЕЯДАН ДАРЫГЕРЛЕР КЕРБЕНИ

Ысык-Көл облусунун Каракол шаарына Түштүк Кореядан 50 дарыгер келди. Алардын арасында дарыгерлер, медайымдардан тышкары 2 фармацевт, рентгенолог жана лаборант бар. Алар облустун элин акысыз көрүп, кеп-кеңештерин беришет. Дарыгерлерди котормочулар коштоп жүрөт. Бул иш-чара Кыргызстан менен Түштүк Кореянын ортосундагы өкмөттөр аралык келишимдин негизинде уюштурулду.

### БИРГЕЛЕШКЕН САЛЫМ

Ош облусунун Араван районунда Кайрагач-Арык айыл аймагындагы №6 мектепке кошумча корпус курулуп, ишке берилди. Анын ачылышына Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары Талантбек Арстанкулов, райондун акими Сейтек Кулубаев, Ош облусунун өнүгүү фондусунун башчысы Жанузак Сарытаев жана айыл эли, жергиликтүү башкаруунун башка өкүлдөрү катышты.

Курулуштун наркы 21 млн сомду түзүп, анын ичинен облустук өнүгүү фонду 7 млн сом, Нур-Абад айыл өкмөтү 11 млн сом бөлгөн.

**Даярдаган Бегим ТУРДАЛИЕВА**

---

**Мурдагы айыл чарба министри Эмилбек УЗАКБАЕВ:**

# “АЙМАКТЫК РЕФОРМАНЫН БАШТАЛГАНЫ ЖАКШЫ ЖЫШААН”

Эгемендиктин алгачкы 20 жылында Эмил Узакбаев бир катар кызматтарды аркалап келди. Депутат, губернатор, министр, элчи, вице-премьер-министр өңдүү өңчөй бийик постторду ээлеп келген тажрыйбалуу мамлекетчил инсан бүгүн да коомдук, саясий турмуштан четте калбай, жаштарга акыл-насаатын айтуу менен аксакалдык дооронду сүрүп турган кези. Биз бул сапар Эмил Узакбаевге бир катар соболдорубузду жолдоп, жооп алдык.



**- Эмилбек мырза, учурда айыл чарба жаатындагы абалыбыз кантип жатат? Бир кездери сиз башкарган Айыл чарба министрлиги “статистикалык эсеп-кысап жүргүзгөн орган” образынан эмнеге алигиче кете албай келет?**

- Бир беткей гана сындагым келбейт. Аракеттер бар, бирок, натыйжасы кээде жалпыбыз күткөндөй болбой калууда. Азыр өлкөдөгү жалпы дүң продуктулардын өсүшүнө көз жүгүртүп, анын ичинен кайсы тармак канча пайызын ээлеп тургањын эсепке алсак, айыл чарбасы ИДПнын 16%ын гана ээлеп калыптыр. Маселен, азыр курулуш, соода-сатык, тейлөө тармактарында алдыга жылуунун өзү жакшы көрүнүш. А бирок, айыл чарба тармагында толгон-токой резервдердин бар экендиги көрүнүп турса да, иштин кашаң жүрүш менен коштолушу жакшы эмес. Себеби, жерлерибиз менен жайыттарыбыз, тоют базаларыбыз, Кудай берген төрт түлүк малыбыз бар. Учурда тармакта “эч болбосо кеч болсун” дегендей бир жакшы көрүнүш орун алды. Аны Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги деп аташып, тармактын башына эки иштин айкалыштыруу менен вице-премьер-министр Бакыт Төрөбаевди дайындашканы эң туура чечим болду. Ошондуктан, негизги байлыгыбыз болгон жерди иреттүү, натыйжага бай кылып колдонуп, интенсивдүү ыкмаларга өтүү мезгилдин талабы болууда. Азыр Президентибиз Садыр Жапаров жерге карата салыктын түрүн алып койду. Учурунда башталган жер жана агрардык реформанын аягына чыкпай калгандыгын азыр жаңы келген министр Бакыт Төрөбаев тийиштүү деңгээлде ишке ашырса деген ойдомун.

**- Кезегинде энергетика жаатын тейлеген вице-премьер-министр катары айтыңызчы, быйыл Токтогулда топтолгон суунун көлөмүнүн аздыгы энергетикалык коопсуздугубузга коңгуроо какты окшойт. Ушул күндөрү өлкөбүздөгү салынып жаткан кичи ГЭСтер аркылуу энергетикадагы боштукту толтуруп, толуктай алабызбы?**

- Адилеттүүлүк үчүн айтып коёюнчу, соңку 2 жылда энергетика жаатыбызда алгылыктуу иштер башталды. Эң ириде өлкөбүздө курулуп жаткан ондогон чакан ГЭСтердин курулушу буга мисал боло алат. Мен бир гана жөнөкөй фактыны алдыңарга тартуу этейин. Ушул күндөрү Нарын облусунда кубаттуулугу 100 МВт болгон Куланак ГЭСинин курулушу кызуу жүрүүдө. Бул ГЭС жеке демилге менен жергиликтүү ири ишкердин өздүк каражатына курулуп баштады. Албетте, бул ишке мамлекет да жардам берип, Кыргыз-орус өнүктүрүү фонду аркылуу 44 миллион доллар, Азия өнүктүрүү банкынан 44 миллион долларды каржылап, ишкердин эл үчүн кылган ишине дем берип жатканынан кабардар болдук. Эгерде бул чакан ГЭС ишке кирсе, Нарындагы энергетикалык керектөөбүздүн кыйла муктаждыгын жабат экен. Бул бир гана мисал. Өлкө аймагында учурда бир канча чакан жана кичи ГЭСтердин курулушу жүрүп, алды ишке берилe баштады. Күн жана шамал станцияларынан электр кубатын өндүрүү боюнча иштер жүрүп жатат. Ушунун бардыгы ишке ашса, мен ойлойм, биз энергетикалык көз карандысыздыктан толугу менен чыгабыз.

**- Учурунда тоолуу Нарын облусун башкарган жетекчи катары бүгүн шарты катаал Теңир-Тоону өнүктүрүү боюнча кандай сунуштарды айтат элеңиз?**

- Мага Нарын облусу, андагы касиеттүү Теңир-Тоонун аты эле кулагыма ушундай жагымдуу угулат. Эгемендүү өлкөбүз жаңыдан бутуна тура баштаган экономикалык оор шартта 1996–2000-жылдары Нарын облусун башкаруу тагдырыма буйрук болуптур. Биз ошондой кыйын шарттарга карабастан касиеттүү теңир-тоолук тургандарыбыз менен биргеликте колдон келген аракеттерибизди жасап, түзүлгөн кризистик жагдайлардан чыканбыз. 1997-жылдын жыйынтыгы менен өлкө аймагы боюнча социалдык, экономикалык көрсөткүчтөрдөн Нарын облусу биринчиликти багындырган. Албетте, анда өтө деле укмуш экономикалык көрсөткүчтөр болгон эмес, бирок, оор шарттарга салыштырмалуу жакшы көрсөткүчтөрдү камсыздадык. Кеп кезеги келгенде айтып коёюнчу, мен касиеттүү Теңир-Тоодогу тоолук элге миң ыраазымын! Учурдагы бийлик дагы жергиликтүү аймактык реформаны өткөн жылы Нарын облусунан баштап, жакшы жышаанга жол ачышты. Эми мындан ары шарты катаал аймакты өнүктүрүш үчүн ири алды коммуникацияны, өзгөчө жол маселесин, айрыкча түндүк-түштүк альтернативдүү жолун пландаштырылган мөөнөтүндө жасап бүтүрүү керек. Буюрса бул жааттагы иштер жакшы жүрүп жатканынан кабардармын. Балыкчы–Жалал-Абад жолунун бүтүшү экономиканын өнүгүшүнө, айрыкча, тоолуу аймактын бутуна турушуна ири салымын кошот. Экинчиден, Кытай–Кыргызстан–Өзбекстан жана Балыкчы–Кочкор–Кара-Кече темир жолдору комплексттүү толук бүтсө, өлкөбүз үчүн, анын ичинен Нарын облусунун экономикасы менен социалдык жактан өнүгүшүнө чоң олжо болот. Өзгөчө Кара-Кечеден көмүрдү Бишкекке, Балыкчыга ташып келүү жакшы жыйынтык берип, логистикасы жеңилдеп калмак. Мунун өзү өлкөбүздүн жалпы экономикасына чоң таасирин тийгизет.

**- Республикадагы аймагы жагынан эң чоң көлөмдө Нарын облусу турса керек. Ушундай чоң аймактын агрардык жагын “жипке тизгендей” өнүктүрүп койсо болот беле?**

- Ооба, Нарын өрөөнү өлкөдөгү 7 облустун ичинен аймагы жагынан чоңдугу менен айырмаланат. Өзүң айткандай, аймактагы агрардык секторду, айрыкча, мал чарбачылыгын азыркыдан да жакшы шарттарга түзүп, төрт түлүктүн, анын ичинен жүн, эт багытындагы “кылчык” койлордун багытына өтүшсө дурус болмок. Бул аймакта Кудай берген ушунчалык кооз, кенен жайлоолор бар. Өзгөчө алыскы жайлоолорду колдонбосо, жакынкы жайыттарды деградация кылып бүттүк. Ак-Сай, Арпа, Солтон-Сары, Соң-Көл сыяктуу эмне деген бейиштей жайлоолорубуз бар. Бир мисал, кыргыздын маңдайына бүткөн ири ишкер Аскар Салымбеков Балыкчыда эң чоң эт комбинатын куруп, бүтүү алдында турат. Эгерде бул комбинаттын иши жолго коюлса жалаң гана Нарын облусунун тургундары үчүн эмес, Ысык-Көлдүн фермерлери үчүн да жакшы мүмкүнчүлүктөр жаралат. Дагы бир сунушум, агрардык тармакты өнүктүрүш үчүн облус тургундары айдоо жерлерге күзгү “төндүрманы” колдонушса, түшүмдүүлүккө зор таасирин тийгизип, жаз, ага кошулуп суу кеч келген Нарын эли үчүн бул ыкма айыл чарбасынын түшүмдүүлүгүнө жакшы пайда алып келмек.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

ЭСКЕРҮҮ
www.erkin-too.kg

# МЕНИН ДОСУМ АЛМАЗБЕК КОНУШБАЕВ

## (1950–2023)

***Быйыл досум 74 жашка чыкмак. 9-майда төрөлгөн. "День Победы". "Ата-энең адашып калды беле, бул күнү төрөлгөндүн баарысы Жеңишбек болуп жүрөт, сен эмнеге четке чыгып калдың" деп сурасам, жообу мындай болгон. "Суусамырда төрөлгөм, ал жер борбордон өтө эле алыс, майрам жете элек болчу". Ооба, азыр деле алыс. Жайыл районуна кирет. Ошол жерден орто мектепти бүтүрүп, 1969-жылы борбордогу алдыңкы окуу жайга кирди – Политехникалык институт ("Политех" деп коюшчу). 19 жашында студент болгон экен. Эмне мынча окууга кеч өткөнүн (ал кезде 17 жашта өтчү) эч ким сурабаптыр – же мектепте бир класста эки сыйра окуганбы, же институтка эки сыйра өткөнбү, ким билет.***



Политехте Суусамырдан келген студенттер арбын экен – ушунчалык кыйын билим алышты беле же Суусамырдан чыккан доценттер (экземен алуучулар) бар беле, ким билсин. Ал жерге бир жыл мурун Табылды Эгембердиев кирген (Алмаздын жердеши, бир жаш кичүү, демек "убагында" өткөн экен). Жердеш агасы жөнүндө ал мага минтип айтып берген (жөн айтпай, тамашага чалып ийчи). Анын версиясы мына.

"Алмаз институтка өткөндө, мен экинчи курска көчкөм. Жатаканада турам, эмне кылам?" - деп мага келди. Мени менен комнатада жашап тур, бир керебет бош, бирок эч кимге көрүнбө, сабактан акырын келип жатып ал дедим. Тамак ичпей эле жатып жүрдү беле деп сурадым. Кантип эле тамаксыз турмак, Кожомкулга окшоп турса, далдайган неме. Күн сайын ашканага ээрчитип барып турдум. Биринчи жолу ал артымда турган, мен тамак алып столго бассам, ал дагы эле кассирдин жанында солдоюп турат. Ой, эмне болду, бери бас десем, "подносту" көтөрүп басып келди, ал жерде тамак жок, "пустой". Ой жүр кайра деп тамакты салып, кассирге акчасын төлөдүм, анан эми өзүң алып, өзүң төлөп тураасың дедим. Анан өзү ошону жасадыбы деп тактасам, "Ооба менин артымда туруп алат, мен тамакты ашпозчудан "тигини жана муну бергиле" дегенден кийин Алмаз мени көрсөтүп, эки эле сөздү айтат орусча "мине тодже" ("мага да ошону" дегени). Алыскы айылдан келген неме тилди кайдан билсин. Иши кылып, ушинтип өзүн багып жүрдү.

Табылды муну айтып атканда, Алмаз жаныбызда олтурган, анан бир арданып кеткенде, досу дагы бир кылыгын төгүп берди. Боор эзилди. "Бир жолу сабактан кечигип келсе, жатакананы жаап салышыптыр (кечки 11де жаап турушчу), ал анда терезеден кирилтир. Аны бирөө көрүп, комендантка жеткирип, жатаканадан кууп чыгышты" деди. Анан эмне болду деп сурасам, "Квартирага чыгып кетти, атасынан кошумча акча сурап" дейт.

Ушинтип Алмаз досум Политехти ийгиликтүү бүтүп, диплом алды – "способный" болчу. Эмгек жолун 24 жашында (1974-жылы) Уфа деген шаардан, Башкириянын борборунан баштады. Ал кезде ушундай жолдомону биздин Политехтен Советтер Союзунун масштабында берип турчу. "Ошол жерге барасыңбы" десе "барам" деген, начар бүткөндөргө андай сунуш кылышкан эмес. Ийкемдүү, айкөл адам эле (добрый). Эмнени сурасаң да "отказ" жок.

Уфадан кийин бир топ жерлерди кыдырып иштеди, ал "министерство строительства нефтяной и газовой промышленности" дегендин курамына кирген да. "Нефтепровод" жана "газопровод" дегендерди салган. Иштеген жерлерин эмгек китепчесинен карасам, жөн эле "география СССР" болуп турат. Шаарларын эле тизмелеп берейин. Нижневартовск, Кузбас, Куйбышев, Пермь, Казань, Горький, Ухта, Ужгород, Уренгой, Челябинск, Сургут, Полоцк, Вынгапур. Мындай "эмгек тизмесин" кыргыздардан көргөн жокмун. Укмуш.

Механиктен баштаган, анан "заместитель управляющего трестом" болду. Албетте, бул жетишкендик. Ишти өтө жакшы аткарган үчүн "Волга" деген машинени бөлүп беришкен. Ошону минип отпускага кичи мекенине келген. Республиканын борборунан (ал кезде Фрунзе шаары) Айыма кезигип, үй-бүлөнү курду. Кайра Россияга кетпеди. Анан Иниса деген кыз төрөлдү (мен "папина дочка" деп коем, себеби атасынын "ксерокопиясы").

Кыз менен чогуу эки уулду тарбиялап, окутту. Алар азыр белгилүү азаматтар. Мидин Конушбаев менин "өкүл балам", бизнесмен (ушуга байланыштуу Алмаз экөөбүз куда болуп калдык). "Эми мага бардык жактан байландың" деди. Макул чоң саяк, эми мени "конфискация" кылбаң эле болду деп тамашалагам. Экинчи уулу Айбек Алмазбекович Конушбаев "Демир банктын" жетекчилеринин бири. Балдары мыкты чыкты.

Алмаз 9 жыл сырт жакта иштеп, Кыргызстанга 1983-жылы келген. Анан Кайыңдыдагы сельстройкомбинаттын автобазасына директор болду. 1985-жылы "министр жилищно-коммунального хозяйствого" жардамчы болду (бул мекемени анда легендарный Акматбек Сүйүнбаев башкарып турган). Андан кийин Аламүдүндөгү райондор аралык техникалык тейлөө станциясын жакшы жетектеди. Кара-Балта, Чалдовар, Сокулук, Воронцовкага техникалык тейлөө станцияларын куруп берди. Беш жыл "Управление кыргызской железной дороги" деген жерде эмгектенди – адегенде бөлүмдүн башчысы, анан начальниктик орун басары болду.

Эгемендиктин доору башталганда ишкер катары таанылды. Бишкектеги "Байтур" деген фирманы түздү. Физприбордогу мончону менчиктештирип, ийгиликтүү бизнести баштап берди. Биз ошол учурда таанышып, дос болдук. Алмаз менен мен Табылды Эгембердиевдин үйүндө таанышкам, ал "Восток -5" микрорайондо жашачы. Ошол жерге бир күнү "саяк" досторун чакырыптыр (жалаң гана Суусамырдан чыккандарды).

Мени да аларга кошуп койду, себеби буларга күйө баламын – аялым саяк (өзүм солто). Табылды мени "өтө эле жакшы көрүп" калган учурда, "жаман солто" деп тергечи. Мен аны "кыйын саяк" деп койчумун. Ошол жердеш досторун тизмелеп чыгайын – Орозобек Молдалиев, Өмүрбек Абдрахманов жана Алмазбек Конушбаев. "Сагызганга убал жок" дегендей, буларга комментарийдин кереги жок – "камчыга сап" деген инсандар. Анан Алмаз экөөбүз сарыбагыштарга жакын дос болдук, өзгөчө юстициянын генералы Нарынкул Бопоев жана курулушчу Нарынкул Жоошбеков менен.

Табылды болсо кыргыздын тарыхына алтын тамга менен жазылды. Кеткени эрте, көтөргөн жүгү тоодой болду. Алмаздын жубайы Айым Сатаровна (доктор технических наук, профессор) достор тобунун ичинде "непререкаемый авторитет", ал азыр деле ушундай даражада – эркектерге да, аялдарга да. Анан мен "эки саякка" (Алмаз менен Табылдыга) эки досумду тааныштырдым (экөө тең түштүктөн чыккан мыктылар). Бирөө – Эсенбай Нурушев, экинчиси – ыраматылык Сатыбалды Жээнбеков. Анан бешөөбүз (Таке, Алмаз, Эсеке, Сатыке жана мен) Физприбордогу мончодон бир жыл такай (1994-жыл) жолугуп турдук. Ошол жерге Алмаз чакан "сауна" жасап койгон (ал кезде Бишкекте мындай нерсе жок). Эс алуу, пикир алмашуу, тамаша, ирония. Күлкүгө "себептерди" Табылды менен Сатыбалды жаратып турушчу. Ошол беш достон азыр Эсенбай экөөбүз калдык.

Алмаздын "сырлары" бар эле – ушунча жерлерди кыдырса, кантип эле жок болсун. Баарын айтпай, четтерин эле анда-санда чыгарып койчу (саяктар сырларын төгүп-чачып бербейт да). Бир "сырын" айтып берейин.

Алмаздын жубайы Айым Сатаровна Ленинград деген шаардан окуп, ошол жерден Аскар Акаевдин үй-бүлөсүнө жакын болгон (бул киши, эсиңерге сала кетейин, биздин биринчи президентибиз). Буга байланыштуу Алмаздын орду "на особом счету" болгон, бирок мында бой көтөрүү деген кыял жок болчу. Керсейсе аны менен дос болбойт элем. "Ажого жакындыгы барлар" досторду "тщательно" ылгап турат да, "ажону сындагандарга" (оппозицияга) бир карыш да жолошпойт.

Мен ошол кезде Акаевдин командасына "желмогуздай" көрүнчүмүн. Алмаз эч нерсени "ылгабай", мага жакын болду. "Платон мне друг, но истина дороже" дегендей. "Платон" эмне дейт деп ойлочу эмес. Чет элдик сөздөрдүн маанисин билбей, күлдүрчү. Бир жолу көзү чылпактап кетиптир, "эмне болду" десем, "көзүм конфискация болуп атат" деп жооп берди. Мен чочуп кеттим, Кудай урду, бул такыр эле болбой калган турбайбы деп тактадым – ким сени конфискация кылды эле (бу сөздүн мааниси мындай да – "иш эми бүттү, талкаланды"). Анан ал "жөн эле суук тийип калды, бир-эки күндө токтойт" дегенде кептин сырын түшүндүм. Ой, сен туура айтпайсыңбы, мындайды "конъюнктивит" дешет, "конфискация" эмес деп күлдүк. Доктурга барса, ал ушуну айтыптыр, медиктердин термини да, анан буга тили келбей, окшоштура берген. Башкаларга да так ушинтип айткан экен.

Ушундай кыргызга кантип күлбөйсүң. Мен тамашалап, орусчаны сен такыр унутуп калдыңбы десем, "эмнеге минтип сурадың, эмнеге унутам, сенин орусча жазган макалаларды окуп атам го". Макул, бирок мага дайыма кыргызча жооп бересиң го, Россияда жүрүп, тилди өздөштүрүп албайт белең, "конфискация" дебей дедим. Ушул сөзгө кийин экөөбүз бир топ жолу кайрылдык – жагымдуу болуп калды. Бирок "конъюнктивит" дегенге тили "все-таки" келбей койду.

Алмаздын "мурасын" жакындары улайт. "Байтур" фирманы бир тууган иниси Тынчтык Конушбаев абдан эле ийгиликтүү жетектеп жатат. Бул өзү да белгилүү инсан, учурунда Жогорку Кеңешке депутат болду. Эки бир туугандар зор иш аткарды. Борборго Кожомкулдун укмуш бир айкелин куруштү. Спорт сарайынын маңдайында турат. Грандиозная скульптура. Таасири күчтүү. Алмаздын кызы Иниса Конушбаева дагы бир "семейный бизнесин" башкарып атат. Конушбаевдардын өлкөдө өзгөчө орду бар. Булар кыргыздын тарыхына из калтырды.

Алмаздын оорусу абдан күчөп калганда, Айым Сатаровна телефон чалып, "досуң сени көрсөм дейт" деди. Заматта жетип бардык. Менин жубайым Гульбараны абдан жакшы көрчү – "менин карындашымды сен таарынтпа" деп "акцент" коюп тамашалачы. Ооба, ушундай карындашты таарынтып көр, экөөбүздү тизип алып, "маршировка" кылдырат деп жооп берсем, ыраазы болуп каткырчы. Ошол түнү жанында олтурдук. Коштошкусу келген экен. Карындашына арнап сөз айтты, анан "эми экөөбүздү калтыр" деди. Мага карап, "мен болбой калдым, досум" дегенде, колун кыстым. "Айыгып кетесиң, ничего" дедим. "Жок, болду, эми мына, сен айткан конфискация келди, друг мой" - деп, акырын жылмайды. "Сен тигилерге айт, экөөбүздү арак алып келсин, сурасам болбойт дешет" деди. Балдарга айттым. Аткарышты.

Ошол түн досум үчүн акыркы болду. Эртең менен кабар келди – "Алмаздан ажырадык, уктаган боюнча эле кетип калды" деген. Кабырга кайышты. Бир жыл өттү. Дагы эле кайышып турат. Үнүн эстейм. Элеси кетпейт.

**Кубан МАМБЕТАЛИЕВ**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити



# Журналист Назира СААЛИЕВА: «ЭРНИС БААРЫН СЕЗЕ БИЛГЕН БААМЧЫЛ ЭЛЕ"



***Журналист Эрнис Асек уулунун арабыздан кеткенине төрт жылга аяк басты. Ал мыкты акын, кылымда бир келген котормочу эле. Калемгерди эскерип, анын жубайы, журналист Назира Саалиева менен баарлаштык.***

**- Назира айым, мыкты котормочу, акын, журналист Эрнис Асек уулунун арабыздан кеткенине төрт жыл өтүптүр. Андыктан бүгүнкү маегибизди эскерүүгө арнаганды эп көрүп турам. Сиздин эсиңизде калган акыркы сүйлөшүүңүздөр тууралуу айтып бересизби?**

- Менин таң калганым, 2020-жылды тосконубузда билдирбей жаңы жыл жөнүндө сурап, диктофонго жоопторун жаздырып алгам. Ал майрам тосконду жакшы көрчү эмес, бирок дасторкон жайсам келип отурчу. "Сен жаңы жыл күтпөгөн кишисиң, а мен күткөн кишимин, себебин билсем болобу?" - десем "Эми жалжалыма кантип жооп бербейин (чанда гана ушинтип эркелетчү). Билген кишиге ар бир күн, саат, мүнөт, тирүүлүктүн өзү чоң майрам. Өмүр мага – аккан суу. Агымы менен кете берем. Ошол аккан суудан издегенимди таап алгам. Эми жээкке чыга берсе да болот" деп жооп берген. 28-январда жүрөгү кармады. Түнү менен жанында болдум, жакшынакай сүйлөп, таң аткыча асма ийне алып, эртең менен саат 10дордо "селт" этип керебетинен тура калып, эси оош жыгылды. Мен кыйкырып врачтарды чакырсам ошо бойдон киргизишкен жок. Улам бирөөсүнөн сурасам "жакшы, жакшы" деп жатышты. Көрсө, мен чыга электе эле колумдан үзүлгөн экен.

**- Агабыз кытай философу Кун Фу Зынын эмгегин которгонуна, чыгармачылык түйшүктө жүргөн кезине күбө болуп калдыңызбы?**

- Үйлөнө элек кезибизде "Үкам Конфуций менен компьютерди кучактап отурат" деп кайын агам Мелис Эшимканов берген интервьюну окуп калгам. Күйөөм экөөбүз бирибирибиздин компьютерибизге отурчу эмеспиз. Ал тамеки тартып сыртка чыгып кетсе менин окуп иймейим жок болчу. Анын үстүнө компьютердин чычканчасы (мышка) жылып кетсе да билип койгон баамчыл эле. Жаңы үйлөнгөн маалда компьютерден жылбай калганынан, эмнени жазып жатат болду экен деп акырын карасам, Конфуцийдин эмгеги көзүмө урунду. Ии, ушуну которуп жаткан турбайбы деп, кайра чуркап келип отуруп калгам. Билип калыптыр, көрсө. Философту которуп жатасыңбы десем, ой, буга үч жыл болду, өзүм үчүн эле котордум деген. Эл окусун да, чыгарыш керек деп мен күч бергем. Бир күнү Ат-Башыга кеткенинде котормону көчүрүп алдым. Себеби, жазганын кайра өчүрүп салган кежирлиги бар болчу. Окуп чыгып аябай баа бердим. Бир күнү уурданып Нуржигит Кадырбековго алып келдим. Ал кездеги "Ыйман" диний мадаиятты өнүктүрүү фондусунун жетекчиси болчу. "Эрнис байке өзү билеби, кабардар кылыңыз" деди. Китепти бат окуйт экен, ошол күнү кечинде эле мага чалып: "эже, сонун экен, чыгаралы, бирок байкеге айтыңыз, уурданып чыгармай жок. Бет ачарын өткөрүп, гонорарын да төлөп беребиз" десе сүйүнүп кеттим. Үйгө баргандан кийин Эрниске кантип айтарымды билбейм. Ал кыйын болчу, чай сунганымда эле шекшип калыптыр: "Эмне уурулук кылдың, айт? Көзүмдү карай албай эле жалтайлап жатасың" деди. "Конфуцийди Нуржигитке алып барсам чыгарып берем деди" десем таарынгандай болду. Акыры кайын эжем экөөлөп эптеп көндүрдүк. Эрнисти бир жакка алып барыш, бир нерсеге макул кылдырыш өзүнчө эле машакат болчу. Китептин бет ачарына баргенга макул болгонуна эле сүйүндүм. "Бул сүйлөбөйт" дедим Нуржигитке. Эрнис болсо куудулдук жайы бар эле, мага: "Автор мен эмесмин. Конфуцийдин өзүн чакырып сүйлөтө бергиле" деп студенттердин арасына отуруп алды. Нуржигит Кадырбеков кыйын жигит да, кечени өзү ачып, Эрниске сөз берип койду. Эрнис кызарып, мени бир жалт карап ("сүйлөбөйсүң дебедиң беле" дегени да) элдин алдына чыгып: "Нуржигит иним менен жубайым Назирага ыраазымын. Булар болбосо Конфуций чыкпайт болчу" деди. Н.Кадырбеков иниминдин "Философту философко бердим" деп котормонун баш сөзүн Жамгырбек Бөкөшовго жаздырганына да ыраазы болом.

**- Канча чыгарма которду?**

- Конфуций чыккандан кийин элден жакшы сөз угуп, күч-кубат алды. Мен которо берейин, жакшы нерсе турбайбы деп элге керек экенин ошондо түшүндү. Көзүнүн тирүүсүндө ушул бир эле котормосу жарык көрдү. Экөөбүз жети жыл ичинде тогуз квартирада жашадык. Тогуз квартирада тогуз чоңчоң чыгарма которуп кетти. Анын жан дүйнөсүнө котормо жакын экен да. Ошон үчүн: "Сен каалаганыңды которо бер, ижара акысы менен ишиң болбосун, аны мен төлөйм, эч нерсени ойлонбо, чылымыңды болсо алып берем" дечүмүн. Чыгармачылык менен иштеген кездеринде бир күндө үч-төрт куту чегип койчу. Тамекини бат-бат тартчу. Кышында футболкачан сыртка чыгып кетчү. Аркасынан чыгып калың курткасын кийгизсем, "ушундай аяр аялым бар да" деп калчу. Ыр же котормосун ойлонуп жатканын түшүнчүмүн. Тамагыбыз жасап коюп: "Дасторконго келесиңби?" десем, эки же бир манжасын көрсөтүп койчу. "Аа, эки саат иштейт экен" деп күтчүмүн. Ал иштеп жатканда чымын да учпаш керек эле. "Көгөн" деген ыры бар, аягында "Оо, кандай сонун жалгыздык!" деп бүтүргөн.

**Афина БАКИРОВА**

---

# МУЗ ОРДУНАН ЖЫЛДЫБЫ?

***СССР деген зор империя жашап жаткан кезде, ар кандай сырткы, ички каршылыктарга карабастан легендарлуу парламент 1989-жылы 23-сентябрда "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Мыйзамды кабыл алган. Парламенттин ошол сессиясын бүтүндөй республиканын эли демин ичине катып карап турган. Мыйзам кабыл алынганда улуу, кичүү дебей зор кубанычка бөлөнүп, калпагын көккө ыргытып кубанышкан. Элибизде "баланын туулганына сүйүнбөй, турарына сүйүн" деген акылман кеп бар. Биз да эртерээк кубанып жиберген экенбиз. Мыйзам кабыл алынганы менен аны ишке ашырууда ыкшоолукка жол бердик. Анан калса "орус тили расмий тил" деген беренени кошо кабыл алып, ал мыйзамыбыз башында эле "ит жыгылыш" абалда болуп калганын аңдабаптырбыз. Ошол ошол болду, кыргыз тили саясаттын, экономиканын тили боло албай, Ак үйдүн короосуна кирген менен жетинчи кабатына жете албай арабөк абалда калып келди.***

Мамлекеттик мекемелердеги иш кагаздары илгеркидей эле орус тилинде жүргүзүлүп, чоң, кичине жыйындардын баары орус тилинде өтүп жатты. Союз кезинде башка улуттардын өкүлдөрү тарабынан өгөйлөнүп келген кыргыз тили эми карачечекей өз балдарынан өгөйлөнүп, баягы эле улагада калган абалында күн кечирди. Элдин эсинде болуш керек, өткөн кылымдын сексенинчи жылдарында борбор калаабызда, дегеле жалпы республика боюнча кыргыз тилдүү мектептердин, бала бакчалардын маселеси өтө курч турган. Ал кездеги Фрунзеде жападан жалгыз №5 кыргыз тилдүү мектеп болгон. Ал эми бала бакчалар дээрлик жокко эсе эле. Ошондой кысталыш кезде улуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматов кыргыз тилдүү мектептердин санын көбөйтүү жана кыргыз тилин күнүмдүк турмушта пайдаланыу тууралуу ойлорун ачык жазып чыккан. Ал учурда Манасты, кыргыз тилинин маселесин козгосоң эле сага улутчул деген жарлык тагылып, куугунтукка алынар элең. Жазуучуну Москвадан тартып, өзүбүздүн айрым эл безерлер кошулташып болуп ит таламайга алышкан. Кыргыз тили очоктун айланасынан чыга албай калган кырдаалга түш болгонбуз. Өз жерибизде, өз мекенибизде эне тилибизге ээ боло албай айлабыз алты кетип турган. Жогоруда мен айткан кыргыз тили тууралуу мыйзам дал ушундай тарыхый сыноо учурунда кабыл алынган болчу. Андан бери 33 жылдын жүзү болду. Эмне өзгөрдү? Ырас, кыргыз тилдүү мектептердин, бала бакчалардын саны көбөйдү. Кыргыз тилине болгон мамиле аз да болсо жакшырды. Мамлекеттик мекемелердеги иш кагаздары акырындык менен кыргыз тилине өтүп жатат. Бирок, дале болсо кыргыз тили мыйзамда жазылган чыныгы мамлекеттик тил макамына ээ боло албады. Ага ким күнөөлүү? Илгери орустар бут тосуп жатат деп айтчу элек. Азырчы? Эне тилибизге, биз кыргыздар өзүбүз күйүп, өзүбүз окуп үйрөнүп, өзүбүз сүйлөбөсөк аны башка бирөө келип жасап бербейт. А өзүбүз эмне кылып жатабыз. Балдарыбыздын баарын орус тилдүү бала бакчаларга, мектептерге беребиз.

Жакында эле автобуста күбө болгон бир окуяны айтып берейин. Чоң энеси төрт жашар небересин бала бакчадан алып бараткан экен. Эми тигил кыргыз баланын тили орусча буудай куурүйт. Жок дегенде ара чолодо кыргызча сүйлөйт бекен деп мен бир далай жерге чейин баланын сөзүн астейдил тыңшап бардым. Жок. Кыргызча бир да сөз сүйлөбөдү. Ошондо мен аялга кайрылып "небереңиз болобу?" деп сурадым. "Ооба" деди аял. "Эмнеге бул баланы орус кылып койдуңар. Караңызчы, бир ооз кыргызча билбейт экен" дедим. Аял "ошону айтпайсызбы, ата-энеси ушинтип коюптур. Үйдө да бала менен такай орусча сүйлөшүшөт" деди капаланганы үнүнөн билинип. "Эне тилинен ажыраган бала элинен да, тамырынан да, ата-тегинен да баарынан ажырайт. Үйгө баргандa сиз өз уулуңузга айтыңыз. Баласына кыргыз тилин үйрөтсүн. Баласы орусча сүйлөсө эле башка балдардан өзгөчө болуп кетеби?" дедим. Мына, күнөө өзүбүздө бекен?



Шаардык кыргыздардын бетке кармар дагы бир жүйөсү бар. Кыргыз тилдүү мектептерде билимди начар берет деген жалган стереотип акыл-эсибизге орноп алган. Балким, анын да жөнү бардыр. Бул жерде ойлоно турган, чече турган маселе арбын. Канчалык жөнү болгон күндө да балага билим берүүдө, тил үйрөтүүдө кыргыз тили талашсыз биринчи орунда туруш керек. Эненин сүтү менен келчү тилди балага кантип жеримек. Аны адатта биз, чоңдор, өзүбүз жерийбиз. Мектептерде кыргыз тилин окутууда коңшу Казакстандын мисалын, үлгүсүн алсак эң туура болмок. Казакстанда мындан төрт жыл башта республиканын бардык мектептеринде менчигинин түрүнө карабастан 1-класстан 4-клсска чейин окутуу жалаң казак тилинде гана жүргүзүлсүн деген мыйзам ишке кирди. Караңызчы, кандай сонун мыйзам. Казак тили жана адабияты сабагы гана эмес, мектептеги математика, алгебра, биология, химия сыяктуу бардык предметтер казак тилинде гана окутулат. Казакстанда жашаган бардык улуттун балдары 4-класска чейин казак тилинде билим алышат. Ушул мыйзам менен Казакстандагы казак тилинин көйгөйү дээрлик чечилди деп айтсак болот. Анткени, бала кезде үйрөнгөн тилин адам кийин оңой менен унутпайт. Бул багытта бизде кандай иштер жасалып жатат деген орундуу суроо туулат. Бизде муз жаңы гана ордунан жылгандай болду. Өткөн жумада Билим берүү жана илим министрлиги абитуриенттер ЖРТга кошуп кыргыз тили боюнча да тест тапшырат деген куш кабар таратты. Биз аталган министрликтин Мамлекеттик тилди өнүктүрүү секторунун башчысы Аркарбек Мамытовго кайрылганыбызда, ал төмөндөгүчө жооп берди: "Абитуриенттер үчүн мындан ары жалпы республикалык тестирлөөнү кайсы тилде тапшырганды-гына карабастан мамлекеттик тилден тест тапшыруу милдеттүү болуп саналат. Тактап айтканда, негизги тест менен кошо мамлекеттик тилден да тест тапшырышат. Негизги жана предметтик тесттердин жыйынтыгы мамлекеттик тилден тест тапшырылмайынча берилбейт. Мамлекеттик тил боюнча тест абитуриенттердин мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктайт жана жогорку окуу жайга тапшырууда ЖРТнын жыйынтыгына таасир этпейт. Мамлекеттик тил боюнча тест тапшыруу чечими 2023-жылдын 17-июлунда кабыл алынган "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" мыйзамдын конституциялык талаптарын аткаруу үчүн кабыл алынды. Аталган конституциялык мыйзамдын 17-беренесинин 3-пунктунда "жалпы билим берүү уюмдарында (мектептерде, лицей, гимназияларда) милдеттүү түрдө кыргыз тили боюнча жазуу жана оозеки жүзүндөгү класстан класска көчүрүү, бүтүрүү экзамендери, ал эми баштагыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарына кирүү жана бүтүрүү экзамендери киргизилет" деп жазылган.

Албетте, мыйзамдын 17-беренесин кош колдоп кубаттайбыз. Мен бул жерде да баштагы "орус тили расмий тил болот" деп жазылгандай дагы бир эки ача пикир жаратчу жагдайды байкадым. Анда "Мамлекеттик тил боюнча тест абитуриенттердин мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктайт жана жогорку окуу жайга тапшырууда ЖРТнын жыйынтыгына таасир этпейт" деп бадырайып жазылып турат. Эмне үчүн кыргыз тилден тапшырган тест ЖРТнын жыйынтыгына таасир этпеши керек? А таасир этпеген соң тест тапшыруунун канчалык зарылдыгы бар? Минтип жымсалдап олтурбай эле "ЖРТнын жыйынтыгына таасир этет" деп түз эле жазышыбыз керек болчу. Ошондо мектеп окуучулары кыргыз тилин жанталашып окуп, үйрөнөт эле. Кантсе да тилибизге олуттуу мамиле жасасак жакшы болмок.

**Өмүрбек ТИЛЛЕБАЕВ**

“БИЛИМ КЕРБЕНИН” БАШТАЙБЫЗ
www.erkin-too.kg

“Билим экспорт” кытай тилин окутуу мектебинин ээси Абдурахман ИСРАИЛ уулу:

# "КАРАПАЙЫМ ҮЙ-БҮЛӨНҮН БАЛДАРЫН КЫТАЙ ТИЛИНЕ БЕКЕР ОКУТАБЫЗ"



**- Абдурахман мырза, сиз Бишкектеги кытай тилин окутуу мектебин иштетип, өзгөчө билим жаатында кытай инвесторлору, окуу жайлары менен кызматташып келесиз. Ал кандайча башталды эле?**

- Мектептин 9-классын Кара-Суудагы Фархад айылындагы Панфилов мектебинен, 11-классты Ош шаарындагы У.Салиева орто мектебинен аяктагандан кийин И.Арабаев атындагы университеттин кытай тили бөлүмүнө кирдим. Тилди жакшы билбей, кыйналдым. Ошондо “мигрант болуп Россияга кет, ата-энеңе жардам бер, сен кытай тилин өздөштүрө албайсың” деген мугалимдин сөзүнөн кийин чыйралып, “Кытайга барып окушум керек” деген максат койдум. Акыры өз алдымча окуп жүрүп, контракт экенине карабай Түндүк-Батыш улуттук университетине 1 жылдык кытай тилин окутуу курсуна кабыл алындым. Ата-энем бир тууган агаларымды мигрант кылып Россияга жөнөтүп, иштеп тапкан акчасын өзүмө салдырып, менин бир жылдык 7 миң доллар контрагымды төлөштү. Тилди үйрөнүп калганда 2010–2014-жылдары Ланьчжоу университетине Кытай мамлекети тарабынан чет элдик студенттер үчүн берилген толук гранттык программа менен (окуу, жатакана бекер, айына 250$ стипендия) кабыл алынып, эл аралык саясат факультетин окуп бүтүрдүм. 2014–2017-жылдары ушул эле Ланьчжоу университетинин эл аралык байланыш факультетинин магистратурасын гранттык программада окудум. 2017-жылдан бүгүнкү күнгө чейин PHD доктордук диссертациясын жактоо максатында Ланьчжоу университетинин менеджмент факультетинде административдик башкаруу кесибин алуу үчүн гранттык негизде билим алып жатам. Мен окуган Ланьчжоу университети дүйнө жүзүндөгү эң күчтүү 500 университеттин катарына кирет. Тарыхы бай, 1909-жылы түптөлгөн. Көптөгөн өлкөлөрдөн студенттер барып окушат. Менин жаштыгым, билим алуудагы бардык тажрыйбам ушул университетке тыгыз байланыштуу. 2019-жылы Кыргызстандагы Улуттук илимдер академиясынын аспирантурасына окууга тапшыргам, учурда илимий изилдөөлөр менен алекмин. Баса, Кытайда кыргыз ишкерлерине котормочулук кылып жүрүп, ата-энем, бир туугандарым берген 7 миң долларды бир жылдан кийин кайрып бергем.

**- Кытай ишканалары, завод-фабрикалары менен тыгыз кызматташып, жакшы мамиледе экенсиз. Эмнеге чоң компания түзүп же завод-фабрика куруп чоң бизнеске кетпей, билим тармагына басым жасадыңыз?**

- Мен карапайым дыйкандын үй-бүлөсүндө туулуп, бала чагым, жаштыгым талаада өттү. Ошондо “чоңдун, байдын балдары алган билимди биз алсак болбойбу?” деп ойлонуп, кычырап жүрүүнү кыялдана берчүмүн. Билим алуу дилгирлигим күч болгондуктан өз бут кийимим жок, агамдын сабактан келишин күтүп, анын чоң ботинкесине пахта тыгып алып мектепке чуркачумун. Түшүнбөсөм деле дипломат болом дей берчүмүн. Акыры ата-энемди көндүрүп Ош шаарына, андан ары Бишкек, Кытайга барып окудум. Карапайым адамдардын балдары да мендей болуп билим алса, аларды окутсам деген ой менин негизги максатым болуп калды. Болбосо сиз айткандай, Кытайдын өзүндө иштесем чоң акчаларды тапмакмын же чоң бизнеске кетсем деле болмок. Мен кыргыз балдардын билим алуусуна абдан куштармын. Өлкөнү билимдүү адамдар гана көтөрөт эмеспи.

**- Билим берүү жана илим министрлигине “Билим кербенин” уюштуруу, ал аркылуу карапайым үй-бүлөнүн балдарын кытай тил курстарына бекер окутуу демилгеси менен кайрылыпсыз. Кайрылууңуз министрлик тарабынан колдоо таптыбы?**

- Ооба, алар дароо колдоду. Мектептерге баруу боюнча буйругун да чыгарып беришти. Андан сырткары, жакында эле Билим берүү жана илим министри Догдуркүл Кендирбаева өзүнүн орун басарлары менен Кытайга барып келишкенин маалымдашты. Министрлики Кыргызстандан жылына канча студент Кытай окуу жайларына кетип жатканы кызыктырууда. Муну Кыргызстандагы Кытай элчилигинен канча студенттик виза даярдалганынан билип турса болот. Жаштарды Кытайга окутуу, ал жактан кытай жаштарын биздеги окууларга тартуу боюнча ойлорумду ортого салдым. Кытайдан мугалимдер үчүн компьютерлерди алуу, студенттерди Кытай окуу жайларына жөнөтүү сыяктуу билим жаатында көптөгөн маселелер менен кызматташа турган болдук. Биз уюштуруп жаткан билим кербени менен алгач Бишкектин конуштарындагы мектептерге барып, колунда жок карапайым ата-энелердин балдарын тандап алып, өзүбүздүн “Билим экспорт” кытай тили мектебинде 6 айлык курста бекер окутały деп жатабыз. Ага 5 мектептен бештен кылып 25 окуучуну тандап алабыз. Жакшы окугандарын, кытай тилин өздөштүргөн калгандарын Кытай университеттерине толук гранттык окууга жөнөтөбүз. Ал үчүн Кытайдагы окуусу, жатаканасы бекер болуп, кошумча стипендия да төлөнүп берилет.

**- Кыргызстандагы айрым кесиптик лицейлердин абалы жакшы эмес. Азыр мыкты кесиптерди үйрөнгөн жаштар аба менен суудай керек. Мисалы, Кытайдан электромобилдер көп келе баштады. Эгер ал көчөдөн токтоп, бир жери бузулуп калса, карай турган адис жок.**

- 2019-жылы Бишкекте Билим форумун уюштурдум. Ошондогу негизги максатым – Кытайда абдан өнүккөн кесиптик колледжери менен биздин кесиптик лицейлердин тажрыйба алмашуусун өркүндөтүү, бул жерде өтө таңкыс кесиптерди окутуп чыгаруу болгон. Бизде лицейлерде окуп жаткан балдарды мыкты ишканалар менен иштешүүгө түзмө-түз милдеттендирип, практика өткөрүп окутса абдан жакшы болор эле. Мисалы, бизде тоо-кен тармагында иштеген компаниялар өтө көп. Бирок алардын адистери жетишпейт. Тоо жардыруучу бир гана адис бар экен, ал дагы карып калыптыр. Лифт чыгаруучу завод ишке киришти, ага иштей турган кесипкөй адистер жок. Жолдор тынбай курулууда, жол адистери жетишпейт. Электромобилдер, газ менен иштөөчү унаалар келип жатат, аларды оңдой турган автослесарлар көп табыла бербейт. Ушул көйгөйлөрдү чечүү үчүн тез арада Кытайдын бай тажрыйбасын үйрөнүп, алар менен келишимдерди, меморандумдарды түзүп, биздин кесиптик лицейлерге бүгүнкү күндүн талабына жооп бере турган адистиктерди ачып, окута баштышыбыз керек. Президентибиз айткандай, 30 жылда тиш чукугуч да чыгара албай келдик. Эми өндүрүштү колго алып, чыгарган продукцияларды биз дагы экспорттошубуз керек. Азыр өндүрүштө технологияны колдоно билген кесипкөй кадрлар абдан керек. Андыктан, быйыл басымды кесиптик билим берүүгө коебуз. Себеби, жаңы ГЭСтерди, ЖЭБдерди оңдоо, жаңылардын куруу үчүн кесипкөй адистер талап кылынат. Мамлекетке жардам берүү үчүн биз кесиптик лицейлерден керектүү адистерди чыгарууга көмөк көрсөтүүбүз зарыл. Анүчүн Кытайдын окутуу тажрыйбасын үйрөнүүбүз керек.

Мына кечээ эле Билим берүү жана илим министринин орун басары Расул Абазбек уулу менен жолугушуубуз ушул темада болуп, Кытайдын кесиптик билим берүү колледждери менен Кыргызстанга керектүү кесиптерди ачуу, сапатын жакшыртуу, практикадан өткөрүү, жумуш менен камсыздоо тармагында кызматташууну талкууладык.

**- Билим форумун экинчи жолу уюштурууну колго алганы турасыз. Буга Кытайдын кесиптик лицейлеринен да келишеби?**

- Пандемияда токтоп калган демилгени кайра жандандырып, быйыл апрель айында экинчи Билим форумун уюштурууну колго алганы жатам. Ага Кытай университеттери менен кесиптик лицейлеринен, КМШ өлкөлөрүнөн, Орто Азия окуу жайларынан өкүлдөрдү чакыруу пландалууда. Бул маселени да Билим берүү жана илим министрлигине айттык эле, сунушубузду туура көрүштү. Буюрса, алар да жардамдашып, форумдун жакшы өтүшүнө көмөктөшө турган болушту. Биз бул форум аркылуу жаштарыбызды башка өлкөлөргө окууга жөнөтүп, чет өлкөлүк жаштарды өзүбүздөгү окууларга тартсак болот. Мугалимдердин тажрыйба алмашуусун уюштуруп, аларды да окутсак болот. Кытай акылманы айткандай, “Балдарга даяр балык бербей, кайырмак кармаганды үйрөтүү керек.”

**Бактыгүл КУЛАТАЕВА**

# 51 китепкана бюджеттен каржыланат



14-февралда Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министри Алтынбек Максутов Бишкек шаарындагы бир катар китепкана, бала бакча жетекчилери, жогорку окуу жайлардын өкүлдөрү менен жолукту. Министр ар бир мекемеге министрлик тарабынан басылып чыккан жаңы китептердин топтомун белек катары тапшырып, аны менен катар тармактагы жасалып жаткан иштерди алар менен бирге талкуулады. Анда китеп фонду, коомчулук менен иш алып баруу, китептердин санариптөө системасын жандандыруу жана китепканаларды окурмандар көп сурап окуган китептер менен толуктоо сындуу маселелер көтөрүлдү. Министр өз сөзүндө бүгүнкү күндө китепканалар заман талабына ылайыкташып, эл көп келе турган жайга айландыруу үчүн зарыл болгон чечимдерди кабыл алуу жана санариптешүү доорунда интернетте жеткиликтүү жана сапаттуу китептердин базасы менен толуктоо тапшырмасын берди. Бүгүнкү күндө өлкөдө 1059 китепкана бар. Анын ичинен 51 китепкана министрликке караштуу жана каржылоо республикалык бюджеттен берилет.

# Идеялар ишке ашсын

Бишкек шаарында өткөн Бириккен Улуттар Уюмунун билим берүү, илим жана маданият боюнча уюму (ЮНЕСКО) менен биргеликте уюштурулган улуттук консультациялык жолугушууда Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министринин орун басары Чыңгыз Эсенгул уулу Кыргыз жараны идеясын жана медиа-сабаттуулукту илгерилетүү боюнча айтып берди. Жолугушуунун жүрүшүндө Алматы шаарындагы ЮНЕСКОнун аймактык кеңсесинин директорунун милдетин аткаруучу Амир Пирич Борбор Азиядагы сөз эркиндиги, тынчтык жана плюрализм программаларын илгерилетүү үчүн маалымат жана коммуникацияларга жетүү, медиа-сабаттуулук боюнча ЮНЕСКОнун тажрыйбасы менен бөлүштү. Иш-чаранын жүрүшүндө, этностор аралык мамилелер жаатындагы мамлекеттик саясат жана 21-февраль – Эл аралык эне тил күнүнө карата көп тилдүүлүктү сактап, өнүктүрүү боюнча маалымат берди.

**Афина БАКИРОВА**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

УЧУР КӨЙГӨЙҮ
www.erkin-too.kg



# АСКЕРДЕГИ АЛЕШЕМДИКТЕР КАЧАН ТОКТОЙТ?

### ЖАБЫЛУУ АЯК ЖАБЫЛУУ БОЙДОН КАЛДЫ…

“Бул аскер бөлүгүндө мыйзамдуу жана мыйзамсыз иштер болуп келатат. Жоокерлерге зордук-зомбулук көрсөтүлүп, алардын колу-буту сынып, көзү кыйшайып калган окуялар бар. Ачык жана жабык сыныктар бар. Жаап-жашыруу болуп, аны ачык айтып чыккан мени аскер бөлүктүн командири оозго алгыс сөздөр менен сөгүп, жеке жашоомо чейин кийлигишүү болууда. Мен бул тууралуу Бишкек шаарына чейин барып, жогорку кызматтагы аскер адамдарына айткам, бирок бул жерде “карга карганын көзүн чукубайт” болууда. Анан калса аскер бөлүктүн ашканасына жоокерлерге деп алынып келинген азык-түлүктүн сапаты начар, алтургай айрым учурларда өлгөн малдын эти колдонулган жагдайлар бар”.

Бул УКМКнын алдындагы Чек ара кызматынын №2028 аскер бөлүгүндөгү кенже сержант Жылдыз Асанакунованын коомчулукка ачык кайрылуу менен чыккандагы пикири. Кенже сержант Асанакунова №2028 аскер бөлүгүндө жоокерлерди уруп-согуу, кодулоо, азык-түлүктүн сапаты тууралуу интернет аркылуу 6-февралда ачык айтып чыгып, өлкө жетекчилигине кайрылган. Ал соңку 10 жылдан бери аталган мекемеде фельдшер болуп иштеп келатканын, аскер бөлүктөгү алабармандыктар менен терс көрүнүштөр жөнүндө жетекчисине, жогорку кызматтагыларга айтканын, бул үчүн өзүнө басым болуп жатканын билдирген. Мамлекеттик чек ара кызматы кенже сержант Жылдыз Асанакунованын билдирүүсүн четке какса, Башкы прокуратура баш болгон укук коргоо органдары анын айткандары далилденбегенин белгилүү бир убакыттан соң билдирди. Ошентип, жыл жаңырганда кыргыз армиясындагы алгачкы алешемдикти айтып чыккан кенже сержанттын айткан-дегени далилденбей, “кимди-ким көрдү” таризинде жабылып калгандыгы көпчүлүккө жаңылык деле болгон жок.

### САНДАРДЫН ТИЛИНЕ САЛГАНДА

Аскер прокуратурасынын маалыматына ылайык, 2010–2016-жылдары кыргыз армиясында соңку алты жылда 84 жоокер көз жумган. 2016-жылдын алгачкы 6 айында аскердик милдетин өтөп жаткан төрт жоокер өмүр менен кош айтышкан. Тиешелүү органдардын берген расмий маалыматтарында көз жумган жоокерлердин 65%ы өз өмүрүнө кол салган деп айтылат. Бирок коомчулукта мындай маалыматка ишеним аз. Анткени, өзүн-өзү өлтүрдү деп саналган айрым учурларда жоокерлердин жакындарынын аракети менен кылмыш иши козголуп, тергөөнүн жыйынтыгы 15 жоокердин өлүмүнө чоңсунуу же уставга туура келбеген мамилелер себеп болгону аныкталган. Бул эми 6 жылдагы көрсөткүч. Андан бери абал өзгөрдүбү?..

### 4 ЖЫЛДА 62 ЖООКЕР КАЗА БОЛГОН

Коргоо министрлигинин 2017-жылдан 2021-жылга чейинки отчетунда, аталган жылдар ичинде өлкөдөгү аскер бөлүктөрүндө 62 аскер кызматкери каза тапкан, алардын 12си суицидге барганы айтылат. Мындан сырткары аскерде жүрүп зомбулукка туш болгон жоокерлердин окуясы айрым учурда ачыкка чыгып, коомчулукту наараза кылган жагдайлар да бар. 62 аскердин каза тапканы өз кезегинде коомчулукта чоң наразычылыктарды жаратып, миллиарддаган калкы бар өлкөлөрдө да мынчалык санда аскерлери өлүмгө учурабаганына кейиген андагы депутат Руслан Казакбаев “4 жылда 62 жоокер каза болуптур. Кыргызстанда эмне согуш жүрүп жатабы? – деп парламенттен тиешелүү аскердик жетекчилерге суроо салып, коңгуроо каккан.

### “БАЛДАРДЫН АСКЕРГЕ ДАЯР ЭМЕСТИГИНИН КӨРҮНҮШҮ…”

Биз болгону жогорудагы мекен алдындагы ак кызматын аркалап жүрүп, каза тапкан аскерлерибиздин санын гана тизмектедик. Кыргыз армиясында чоңсунуу, үстөмдүк кылуу бар экенин айрым адистер айтып, буга балдары армияда каза болгон же жаракат алган, сабалган жоокерлердин ата-энелери да даттанып келет. Ал эми аскерде кызмат өтөп жүрүп каза болгон жоокерлердин жакындары расмий версияга ишенбей, шектүү жагдайлар көп экенин айтышат. Кыргыз армиясынын 2022-2023-жылдар ичиндеги жакшы-жаманын тактаган статистика азырынча чыга элек. Коргоо министрлигине кайрылганыбызда бул жагынан маалыматтар жөн-салды эле айтыла бербестигин, бир катар талаптарды аткаруу керектигин, кыскасы, бул жагынан тоодой “бюрократия” бар экенин айтып, алакан жайышты. Ал эми аскердеги мекен коргоочулардын өлүмдөрү тууралуу Коргоо министри Бактыбек Бекболотовдун “балдардын аскерге даяр эместигинин көрүнүшү” деген өткөн жылдагы жүйөөсү коомчулук тарабынан катуу сынга кабылган. Андан бери кыргыз армиясындагы бир катар кыңыр иштер арты-артынан катталып жатса дагы министр Бекболотовдун кылы кыйшайбай кызматында отуруушу көпчүлүктү таңгалдырууда.

### БАШ ПРОКУРОРДУН ТАШКА ТАМГА БАСКАНДАЙ МААЛЫМАТЫ

Коргоо министрлиги 2022-2023-жылдагы аскердеги алешемдиктерди расмий ачыктабаганы менен Башкы прокуратура бул жагынан чуулгандуу маалыматтарды чыгарган. Мыйзам көзөмөлдөөчү органдын билдиришине караганда өткөн жылы Куралдуу күчтөр баштаган аскердик түзүлүштөрдө мурдагы жылга салыштырмалуу 7,8%га кылмыш иши көп катталган. Былтыр дагы кыргыз армиясында жоокер өзүн өзү атып алды, жанын кыйууга барды деген жагымсыз окуялар байма-бай жүз берген.

Өткөн жылдын аягында, декабрда Чек ара кызматы Ош облусунда 18 жаштагы жоокер өзүн өзү кокусунан атып алып мерт болгонун билдирген. Анын алдында, ноябрда Ички иштер министрлиги (ИИМ) Ички аскер бөлүгүндөгү 21 жаштагы жоокер 20 жаштагы аскерди атып салганын кабарлаган.

Курманкул Зулушев аскер кызматкерлеринин өзүн өзү атып алуусу, өзүн өзү асып алуусу, чоңсунуу көрүнүшү, коргоо министрлигиндеги командирлердин жемкорлукка байланышкан шектүү жүрүштөрү өңдүү фактылар боюнча жетишерлик деңгээлде иш алып барбагандыгы үчүн аскер прокурорун иштен алышканын, азыр жаңы аскер прокуроруна карата катуу талаптарды койгонун айтты. Аскердеги абал боюнча прокуратура жыл башынан эле ондон ашык кылмыш ишин козгогонун, Коргоо министрлигинде болгон ар бир окуянын толук текшерүүгө алынаарын мыйзам көзөмөлдөөчү органдын башчысы айтып жаткан соң, мындан ары бул тармакта терс көрүнүштөр кан буугандай токтоболсо дагы кандайдыр бир деңгээлде басаңдаарына ишеним артып туралы.

Бирок, Коргоо министрлиги тармактагы терс көрүнүштөрдү көзгө сая көрсөтүп берген прокуратура органынын баасын “популисттик маалыматтар көбүрөөк орун алган” деп баалап жаткан азыркыдай шартта, мындан ары тармакта жылыштар жүз берерине ишеним канчалык экенин айтпай деле турсак болчудай.

Биз бул сапар кыргыз армиясындагы алешемдиктерди учкай гана тизмектедик…

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

## Артисттер үчүн аттестация

Аттестациялоо кызматкерлердин кесиптик чеберчилигинин жана квалификациясынын өсүшүнө дем берүү, чыгармачылык жигердүүлүгүн жогорулатуу, алардын кесиптик даярдыгынын деңгээлин аныктоо жана ээлеген кызмат орундарына ылайык келүүсүн аныктоо максатында өтүүдө. Өлкөдөгү эң ири жана профессионалдык багытта иш алып барган мекеме экендигин эске алуу менен Абдылас Малдыбаев атындагы Кыргыз улуттук академиялык опера жана балет театрынын кызматкерлерин аттестациялоого атайын комиссия түзүлгөн. Комиссиянын төрагасы Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министринин биринчи орун басары Тимурлан Ажымалиев. Комиссиянын курамына профессор, Кыргыз Республикасынын эл артисти, СССР Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты Рейна Чокоева, Кыргыз Республикасынын эл артисти Мелис Шаршенбаев, композитор, Кыргыз Республикасынын эл артисти, К.Молдобасанов атындагы Кыргыз улуттук консерваториясынын ректору Муратбек Бегалиев, драматург, Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу Жаныш Кулмамбетов, композитор, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер Турдубек Чокиев ж.б.

## Музейлер санариптешүүгө өтөт



Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги Музей фондунун мамлекеттик электрондук каталогун түзүү максатында мамлекеттик музейлердин музей буюмдарын жана коллекцияларын, тарыхый булактарын жана баалуулуктарын эсепке алуунун автоматташтырылган системасын иштеп чыгууда. Анда музей буюмдарын кабыл алуу жана эсепке алуу, музейде предметтин орун которууларын документ түрүндө тариздөө, инвентардык жана келип түшкөн китептерде музей буюмдарын каттоо, инвентардык карточкаларды басып чыгаруу, реставрациялык иштердин эсебин алуу, иш-чараларды жана көргөзмөлөрдү пландаштыруу, ар кандай критерийлер боюнча буюмдарды издөө, маалыматтар базасы боюнча толук тексттик издөө жана отчеттуулукту жүргүзүү мүмкүнчүлүктөрү бар. Учурда Г.Айтиев атындагы кыргыз улуттук көркөм сүрөт музейи, “Сулайман-Тоо” улуттук тарыхый-археологиялык музей комплекси, М.В. Фрунзе мемориалдык үй-музейи жана Т.Садыков атындагы Ош облустук көркөм сүрөт музейи тиешелүү иштерди алып барып жатат. Аталган система 1-апрелге чейин тесттик режимде иштейт. Аталган мамлекеттик каталогду түзүү жана иштеп чыгуу үчүн бюджеттен акча каражат каралган.

**Афина БАКИРОВА**

# ЫК,
# ЙИК ИНСАН

***– жар күтүп, бапырап бала-чака күтүп, аларга н чыгара эмгектенип коомго пайда келтирүү, жакшы иштерден ырахат алуу, бактылуу болуу й" ЖЧКсынын Генералдык директору Талиев Тариел – так мына ушундай өттү. Ал Эгемендиктин чарбасындагы, өндүрүш жаатындагы, социалдык- номикасынын шартына ылайыкташтырып чечүүдө тегендердин сабында болду. "Көп түкүрсө көл болот" иуун жылдар ичиндеги телчигүүсүндө, көптөгөн ошкон салымы бар.***



ги ушул маарекеде дагы бир ирет далилденди. Чогулган эл анын жасаган эмгектерин бирден санап, алкыштарын айтышты. Буга чейин да анын жасаган эмгеги өз баасын алган. Ал Кочкор-Ата шаардык Кеңешине, Ноокен райондук Кеңешине депутат болуп шайланган жана Кочкор-Ата шаарынын, Ноокен районунун «Ардактуу атуулу» наамын алууга татыктуу болгон. Ал эми 2005-жылы Кыргыз Республикасынын президентинин «Ардак Грамотасы» менен сыйланган. Тариел Талиев кийин 2019-жылдан тарта "Оомат-Строй" ЖЧКсынын Генералдык директору болуп, аталган курулуш компаниясы КРнын Экономика жана коммерция министрлиги тарабынан "Мыкты компания" деп табылган.



*Т.Талиев жубайы З.Маматкадыровна жана бала-чакасы менен*



## СҮЙҮКТҮҮ ЖАР, СҮЙҮКТҮҮ АТА

Тариел Талиев жубайы Зуура Маматкадыровна экөө 8 баланын сүйүктүү ата-энеси. Тариел Анарбаевич эл кызматында мыкты жетекчи болуу менен, үй-бүлөдө да үлгүлүү үй-бүлө башчы боло алды. Зуура Маматкадыровна ошол эле "Кочкор-Ата айыл-курулуш" акционердик коомунда бир топ жылдар врач болуп эмгектенди.

Уул-кыздары Нурлан, Сапаргүл, Бактыгүл, Ырысгүл, Асан, Үсөн, Жетиген жана Даткайым баары жогорку билимдүү адистер. Үй-бүлө күтүп, ата-энеден алган тарбия башатын өз балдарына татыктуу өткөрүүнүн жолун улаган уул-кыздар.

**Жубайы Зуура Маматкадыровна өмүрлүк жубайы Тариел ага тууралуу мындайча ой бөлүштү:**

– Биз Тариел экөөбүз 1985-жылы 7-октябрда ак төөнүн карды жарылган бышыкчылык маалында баш кошконбуз. Кудайга шүгүр, биздин турмуш жолубуз токчулук, молчулукта өттү, бизге Кудай көп бала берди. Төрт уул, төрт кыздуу болдук, тогуз неберебиз бар. Баардыгы жогорку билимдүү, Уулдарым атасынын жолун жолдоп куруучулук кесиптин ээлери болушту.

Өмүрлүк жолдошум Тариел бул дүйнөдөн өтүп кетти. Бирок артына эл-журту эстей жүрө турган, уул-кыздарына, аны менен иштешкен жаштарга үлгү боло турган из калтырып кетти. Түштүк аймагында анын жетекчилиги менен курулган бир топ курулуштар элге кызмат кылып жатат. Кайрымдуулук иштерин да көп жасады.

Эми айла жок, түбөлүк чогуу жашоо пенденин колунан келбейт экен! Кош эми, балдарымдын сүйүктүү Атасы! Жаткан жериң жайлуу, топурагың торко болсун! Кудайым бейишинен орун берсин!

Артында калган үй-бүлөсү, уул-кыздары, урпактары Ардактуу Атасын терең урматтоо менен эскерип, бүтпөй калган жумуштарын улантабыз.

**Ооба, "Аккан арыктан суу агат" демекчи, уул-кыз, алардан уланган урпак ата-баба калтырган жолдун учугун улап, келечекти көздөй сапар улай берет. Аскар тоодой Атадан ажыроо бала үчүн абдан оор. Тариел Талиевдин уул-кыздарынын Атаны акыркы сапарга узатуудагы сөздөрү мындай болду:**

"Ардактуу Атабыз 67 жашында бул дүйнө менен кош айтышып чын дүйнөгө сапар тартты. Анчалык шаштыңыз экен, Атаке! Эми гана биздин урмат-сыйыбызды көрөөрдө дүйнө салдыңыз... Биз үчүн орду толгус жоготуу болду!



*Т.Талиев, жубайы Зуура, уулу Асан, келини Асел*

Атабыз абдан боорукер, камкор ата болчу. Өзүнүн балдарына эле эмес, көрүп-билип калган көпчүлүк жаштарга да үлгү боло турган өрнөктүү өмүр сүрдү. Атабыздын баскан-турганы, кийинүү стили да тарбия берип турчу. Башкысы, бизди жалган сүйлөбөөгө, ушак айтпоого, улууну урматтап, кичүүнү сыйлоого, эмгекчил болууга тарбиялады. Баарыбызды жогорку билимдүү кылды. Тойлорубузду өткөрүп турмушка узатты, үйлөп-жайлады. Эмгеги ченемсиз.

Биз балдары, Атабыздын таалим-тарбиясын дайыма өрнөк тутуп, анын жаркын максаттарын, аруу тилектерин, изги жолун татыктуу улантууга бардык күч-аракетибизди, ниеттерибизди жумшайбыз! Атабызга Жараткан бейишинен жай берген болсун! Кош болуңуз, Атаке!"

**Уулу Асан Талиев:**

– Атам ар тараптуу инсан эле, убакытты ысырап кылбай ар дайым бир нерсе менен алектенчү. Балдарынын ичиндегини айттырбай билип, алдын ала бизге жардам берип, акыл-насаатын айтып турчу. Кызматтык жолунда да ошондой кеменгерлиги, элге жугумдуулугу, ак мээнети менен атак-даңкка жетишти деп ойлойм. Атам баарына тең караган досчул, тууганчыл, тамашакөй, шайыр, Кудай деген адамдардан болчу! Атамдай болуш кыйын, бирок болгон аракетибизди жасап Алла Тааланын жолунда биз кийинки муунга атамдын осуяттарын, акыл-насыяттарын, мээримдүүлүгүн, боорукердигин, тарбиясын жеткирип беребиз. Атамдай болууга аракет кылабыз!

**Келини Асель:**

"Кайнатам мага өз атамдай аяр мамиледе болду. Эл арасында абрюю бийик, досторуна – ак дил, үй-бүлөсүнө мээримдүү, жашоону сүйгөн, тамашакөй, позитивдүү, мээнеткеч, адилеттүү, акылман инсан эле. Жараткан узун өмүр тартуу кылбаса дагы, 67 жылдык жашоосунда зор иштерди аткарып, артында өчпөс из калтыра алды деп ойлойм.

Сиз биздин жүрөгүбүздө түбөлүккө жашайсыз, Атаке!"

**Кудайдын буйругу болуп биз Тариел Анарбаевич менен кудалашып калдык. Ал кишинин уулу Асан менен күйөө балам Жолчу Кочкоровдун, сиңдим Калима Абдалованын кызы Асель баш кошуп, Тариел ага менен Зуура эженин үйүндө конок болуп, ал кишинин кеп-сөздөрүн угуп калдым. Меймандос, мырзалык жайы бар, жөнөкөй, көздөрү мээримдүү адам экен...**

**Төмөнкү ыр саптар Сиздин жаркын элесиңизге арналат, урматтуу Тариел ага.**

## ДҮЙНӨДӨН ӨТТҮ БИР ИНСАН

*Дүйнөдөн өттү бир Инсан,*
*Дүйнөдөн өтпөй ким турган...*
*Ар кимдин бирок тилеги –*
*Топурак буйруш уул-кыздан...*

*Өмүрдөн өтпөй ким калган...*
*Өмүрдөн өттү жакшы Адам.*
*Ал Адам – Тариел ага го,*
*Артына жарык из салган!*

*Эмгектин түшүп артынан,*
*Эчен бир өрдү багынткан.*
*Уул-кыздын болуп Атасы,*
*Урмат-сый күткөн жарынан.*

*Урмат-сый күтүп элинен,*
*Милдет да элге кеңирген.*
*Ата-Журт, Мекен ишине,*
*Ак мээнет менен берилген.*

*Дос-жолдош күтүп көңүлдөн –*
*Ишеним бекем өрүлгөн.*
*Канча дос калды кайгырып,*
*Канча дос өттү Өмүрдөн...*

*Сөз баккан улуу жан эле,*
*Сөөлөтү тоодой бар эле.*
*Бапырап ушул Өмүргө,*
*Баарына дили ак эле.*

*... О дүйнө сапар алдыңыз,*
*Жаннаттан болсун жайыңыз.*
*Кадырлуу Сиздей инсанды,*
*Кастарлап эстейт калкыңыз.*

*... О дүйнө сапар кеттиңиз,*
*Бейиштен болсун энчиңиз.*
*Эмгекчил Сиздей инсанды,*
*Эмгектен эстейт элиңиз.*

**Фатима АБДАЛОВА,**
**акын, КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер**

ӨНӨР СЕКИСИНДЕ
www.erkin-too.kg



## КРнын эл артисти Бакыт ТИЛЕГЕНОВ:

# “БААРЫ БИР ОРКЕСТРДИ ТАШТАП КЕТЕ АЛМАК ЭМЕСМИН”

***Кыргыз маданиятынын жүзүн ободогон оркестрдик музыканын мукам кайрыктары менен таанытып келе жаткан Бишкек шаардык мэриясынын алдындагы Эл аспаптар оркестри бүгүнкү күндө эл назарына түшүп, классикалык жана элдик музыканын чыныгы күйөрмандары үчүн керемет чыгармаларды тартуулап келе жатат. Мына ушул оркестрдин бүгүнкү күндөгү иш-аракети, дирижерлуктун бактысы жана түйшүгү жөнүндө баарлашуу үчүн КРнын эл артисти, Даңк орденинин ээси, аталган оркестрдин башкы дирижеру Бакыт Тилегенов Сабыровичти маекке чакырдык.***



**- Бакыт Сабырович, Эл аспаптар оркестринин ишмердүүлүгү, ийгиликтери жана жетишкендиктери жөнүндө айта кетсеңиз?**

- Бүгүнкү күндө Эл аспаптар оркестринин мойнунда ары жоопкерчиликтүү, ары сыймыктуу милдет бар. Өлкөбүздө канчалаган мамлекеттик деңгээлдеги иш –чаралар болуп жатат. Башка өлкөлөрдөн президент, өлкө башчылары, премьер министрлер келишүүдө. Ошондой мамлекеттик деңгээлдеги иш чаралардын баарында тең биздин оркестр кыргыз маданиятынын жүзүн татыктуу, жогорку деңгээлде таанытып жатат. Мен айтат элем, бул нерзи оркестрдин ар бир мүчөсүнүн, жамааттын ийгилиги деп. Ал эми мен болсо оркестрдин башчысы, башкы дирижеру катары ар бир музыкант менен тил табышып, иштин ийгилигин жаратууга болгон күчүмдү үрөп келем. Жетимиш, сексен кишиден турган бир оркестрде ар бир музыканттын өзүнчө мүнөзү болот, бирине жылуу сүйлөш керек, бирине катуу сүйлөш керек, бирөөнүн башынан сылаш керек дегендей... Ушул учурдан пайдаланып мен оркестрдеги ар бир балдарыма, кыздарыма ырахмат айтам.

Ал эми ийгиликтер тууралуу айтсам, абдан арбын. Мисал катары бир-экөөнү айта кетсем болор. 2016-жылы Казакстандын Актөбө шаарында оркестрлердин эл аралык конкурсу болду. Ошондо Бишкектен Актөбөгө оркестрдин бүтүндөй жамааты эки жарым сутка бою автобус менен жүрүп олтуруп жеттик. Сүйүнгөнүм, дал ошол сынакта Гран-прини жеңип кайттык. Конкурска Франция, Молдавия, Малайзия, Россия дагы башка он тогуз өлкө катышты. Бул тарых. Андан кийин Казакстандын Астана шаарында эл аралык сынак өттү, ошондо “Алтын кобузду” уттук. Андан кийин “Алтын домбура” сыйлыгын уттук. Курмангазы атындагы Казакстандын легендарлуу оркестри уюштурган салтанатта да биздин оркестр эң жогорку деңгээлин далилдеп кайтты.

**- Калктын саны аз, чакан, мурдагы учурду эске алып айтканда маданиятка каражат аз бөлүнгөн, искусствого караганда шоу-бизнеси алдыга озуп кеткен өлкө экендигибизге карабастан сиз жетектеген оркестр ошол учурларда эл аралык масштабдагы чоң конкурстардан Гран-прини утуп келип жаткан экен. Жеңиштин, ийгиликтин сыры эмнеге байланыштуу?**

- Мен бул жөнүндө дайыма ойлоном. Кыргыздын “Кудай деген кур калбайт” деген сөзүнүн мааниси тереңде. Ырас, тээ баштапкы жылдарда экономикасы алсыз өлкө болдук, ошол учурда да биз беш миң сом айлыкка чыдап, оркестрди таштап кете албай иштедик. Өлкөбүздүн эртеңкисинен үмүт кылдык. Биз да жакшы заман келерине, айлык маянабыз жогорулай турганына ишендик. Биз чыдадык, эгер азыр да ошол эле заман болуп, ошондогудай беш миң сом айлык берилип жаткан болсо, баары бир оркестрди таштап кете алмак эмесмин. Мына, эми Кудайга шүгүр, өлкөбүздө өнүгүү бар, маданият тармагына миллиондогон акчалар бөлүнүп жатат. Гастролго чыгууга сонун шарттар түзүлдү. Бирок, ошол биз башка өлкөлөргө чыгып Гран-при алган учурлар негизи чыныгы искусство, маданият бааланбай калган жылдар эле. Казакстанда өтүлө турган эл аралык оркестрлердин сынагына чакыруу келгенде министрликке кайрылып акча сурасам бере албайбыз деп коюшкан. Дөмөөрчү издөөдөн намыстандым. Бирок мен сөзсүз оркестрди алып барам деп сөз бердим, себеби барыш керек эле. Андай эл аралык чоң сынактарда сөзсүз эле жеңишке жетпесе да ошонун арасында болуп, чоң сахнанын аурасын сезип, духун сезип кайтуунун өзү оркестрдин жаматынын чыгармачылык бийиктеши үчүн чоң сабак болуп бермек. Өзүмдүн дос, туугандарымдан карызга алып жатып үч жүз миң сом таап, оркестрге бөлүнгөн автобусту айдатып, жолго чыктык. Үч сутка жол жүрдүк. Адамдын оюу кулук да. Жолго чыккан соң негедир көңүлүм ачылып, бул сынактан болбоду дегенде дипломант болуп кайтсак экен деп тилек кыла баштадым. Дагы бир күндөн соң, а эмне үчүн экинчи же үчүнчү орунду алсак болбойт, балким байгелүү орунга ээ болорбуз деген ишеним пайда болду. Сынакка жеткен күнү кечинде негедир биринчи орунду алсак сонун болот эле деген каалоом күчтүү болду. Сынак башталган күнү ар кайсы өлкөлөрдүн укмуштай күчтүү оркестрдик жамааттарынын ойногонун көрүп биздин жамааттын ындыны өчүп, орунга илинебиз деген үмүттөр солгундай түштү. Улам бир оркестр чыгып укмуш чыгармаларды ойноп жатышты. Аларды көрүп эмитен шаабайы суруп турган өзүмдүн жамаатыма колдон келишинче дух берүүгө жан үрөдүм. “Балдар, – дедим, – эч качан чөкпөгүлө, биздин Манас атабыздын арбагы карап турат! Бизди Манас атабыздын арбагы колдоп турат керек болсо, кыргыз эли турат аркабызда”, – деп ошол жерден дал сахнага чыгаар алдында Куран окуп, Манас атабыздын арбагына багыштап, бата тилеп туруп сахнага чыгып кеттик. Укмуш чыктык ошондо. Бата тилөө – бизге ушунчалык чоң күч берген. Кыргыз оркестринин жамаатына кайдан-жайдан укмуштай зор эргүү келип, сахнада укмуш ойноп бериштик. Көрүүчүлөрдүн уу-дуусунан эле баарын сездим. Бир кезде алардын маданият министринин орун басары келип колумду кысып; “Маэстро, эң жогорку деңгээлде өзүңүздөрдү көрсөттүңүздөр, бирок сиз калыстар тобунун мүчөсү болгондугуңузга байланыштуу өз жамаатыңызга добуш бере албайсыз” дегенде “каап...” деп ичимден кейип жибердим. Анткени жөндөн-жөн он балл кемип калды да. Мейли эми, эч болбосо дипломант болорбуз, канткен менен башка оркестрлердин алдында кыргыз оркестри өзүбүздү далилдеп койдук, өзүбүз жарык” деп ойлоп калдык. Бирок калыстар тобунун чыгарган жыйынтыгы боюнча эң аягында Гран-прини багындыруу бактысы Кыргызстандын оркестрине берилди. Аны укканда жамаат сүйүнгөнүнөн ыйлашты! Кайра Кыргызстанга жол тартканыбызда каражатыбыз түгөнүп балдар, кыздар ачка болушту, бирок ошого карабай көңүлдөрү куунак, каткырып-күлүп ырдап келе жатышты. Автобустун айдоочусу Султан аттуу мыкты жигит жолдо өз чөнтөгүнөн бүткүл жамаатты тамак-аш менен камсыздап, биздин жеңишибиз үчүн ал да кубанып келе жатты. Эми, мунун баарын эмне үчүн айтып берип жатам? Кезинде жокчулукка карабай, ысык-суукка, ачкатогубузга кайыл болуп сактадык оркестрди. Сактап эле тим болбой эл аралык сынактарда да атын чыгарып, тынымсыз эмгектендик. Бүгүнкү күнүбүздүн ийгилиги – өткөн чактагы кыйынчылыкка чыдап, туруштук берүүбүздүн, таза эмгектин жемиши. Оркестрди чыңдап сүйүүбүздүн жемиши. Жеңишке жетишип кайткан мындай ак жолтой сынактар андан кийин да көп кайталанды. Бирок, ошол жолку жеңишибиздин орду башка, ал биз үчүн тарых болуп калды.

**- Оркестрдин музыкалык аспаптары тууралуу айтып берсеңиз, бүгүнкү күндө абалы кандай?**

- Оркестрдин жаны – музыканттар болсо, айланып турган каны – андагы музыкалык аспаптар деп айтаар элем. Биз үчүн музыкалык аспаптар чоң мааниге ээ. Бир эле музыкалык аспап кемчил болуп калса бүтүндөй оркестр аксай түшөт, кадимкидей орду билинет. Мисалы эл аспаптар оркестринде комуз, кыяк, чопо чоор, урма аспап, кыл кыяк сыяктуу эчен түрлүү музыкалык аспаптар бири-бири менен эриш-аркак болгон себептүү сиздер уккан керемет музыка жаралып жатат да. Өз кесибин сүйгөн ар бир музыкант өзүнө тиешелүү, ар дайым өзү колдонгон музыкалык аспабына тун баласына жасагандай эле мамиле жасайт. Ысык-суукта, ачка-ток калса да эң биринчи ошого кам көрөт. Жамгыр жааса өзү суу болсо да комузун, скрипкасын кургак сактайт, мен суу болсом болоюн, комузум суу болбосун, комуз-кыягым ушүбөсүн дейт. Бийик жерге коет. Анткени – музыкалык аспаптарга өзү кандай мамиле кылсаң, алар дал ошондой жооп берет. Ал эми өзүнүн табитиндеги музыкалык аспапты табуу музыкант үчүн чоң эмгекти талап кылат. Этияттык, кылдаттык менен эчен жолу сынап көрүп атып араң тандап алат да аны бир канча жылдар бою аздектеп урунат. Ушул жерден айта кетчү бир маселе, эгер ушул көйгөй жогорудагы тиешелүү жактарга жетсе да абдан жакшы болор эле, оркестрге музыкалык аспаптарды сатып алууда тендер аркылуу алуу такыр болбойт экен. Деги эле тендер маселеси – музыка дүйнөсүнө коошпогон маселе. Тендерден утуп алгандар ошол акча каражатын толук алганы менен биз ойлогондой, биз каалагандай музыкалык аспаптарды алып беришпейт экен бизге. Мисалы кайдагы бир сапатсыз, оркестрге жараксыз же кытайдын эптемей музыкалык аспаптарын дүйнөн сатып алып бизге өткөрүп берип салышат. Анысы же оркестрди жыргатпайт. Же бар эмес, же жок эмес сапатсыз музыкалык аспаптарга корогон кайран каражат!

Ал эми маданият башкармалыгы оркестрди колдоп, костюмдарын жаңылап тиктирип берип, жакшы жардам берип жатат. Чындыгында мамлекетибиздин ушу таптагы оркестрге, деги эле маданият тармагына болгон камкордугуна чын дилибизден ыраазыбыз. Кудайга шүгүр, өлкөбүздө жакшы иштер болуп жатат, анын баары ачык-айкын көрүнүп турат. Элибизде бейпилчилик, ынтымак болуп турса келечекте оркестрдин жарата турган улуу иштери да, ийгиликтери да арбын.

**Махабат САИДРАХМАНОВА**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити





КОҢУР КОҢГУРОО
www.erkin-too.kg

# МАЖАРСТАНДАН БАШТАЛГАН ЖОЛ

***Бул күндөрү кыргыз-мажар коомчулугунда белгилүү окумуштуу, түркolog Коңур Мандокинин 80 жылдыгы белгиленип жатат. Мажарстандын Кыргызстандагы элчилиги окумуштуунун туулган күнүнө карата "Мандокинин Кыргызстандагы издери менен" аттуу илимий-практикалык конференция өткөрдү. Конференцияга окумуштуулар, түркологдор, тарыхчылар жана өз убагында Мандоки менен тааныш болуп, кызматташып калган маданият ишмерлери, журналисттер катышты. Коңур Мандокинин ишмердигин баяндаган китеп, сүрөт көргөзмөсү коюлду. Ал көпчүлүк өмүрүн Кыргызстан менен Казакстанда өткөрүп, мадияр элинин байыркы тарыхын изилдөөгө арнаган. Көптөгөн илимий макалалары европа жана түрк тилдеринде жарык көргөн. Ал 1944-жылы Венгрияда төрөлүп, 1992-жылы Дагестанда каза болот, сөөгү Казакстанга коюлат. Коңур Мандоки менен учурунда кызматташып жүргөн айрым окумуштууларды, ишмерлерди кепке тарттык.***

**Алыкул Осмонов үй-музейинин директору, адабиятчы Памирбек КАЗЫБАЕВ:**

- Түрколог Коңур Мандокиге арналган бүгүнкү иш-чараны Венгриянын Кыргызстандагы элчилиги менен Алыкул Осмонов атындагы коомдук бирикмеси уюштуруп жатат. Коңур Мандокинин ысымы кыргызстандыктарга жакшы тааныш. Мына кечээ эле кыргыз радиосу Чоюн Өмүралиевдин тээ 1989-жылы Коңур Мандокиден алган интервьюсун кайталап берди. Мындан 20 жыл башта "Мажарстандын маржандары" деген китеп чыгарганбыз. Быйыл анын 80 жылдыгы белгиленип жатат. Юбилейине карата биз "Коңур коңгуроо" деген китепти чыгарып жатабыз. Китеп эмне үчүн минтип аталып калды? Ошол 80-жылдары биздин республикада кыргыз тил, кыргыз тилиндеги мектеп, бала бакча маселеси абдан курч турган. Улуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматов бул темада көп макала жазган. Ага каршы чыккан далай элбезерлер болгон. Ошол убакта Европадан, Венгриядан Коңур Мандоки келип таптак кыргызча сүйлөп кирсе элдин баары таң калган. Ошондо биз эмне үчүн өз жерибизде, өз элибизде эне тилинде сүйлөй албайбыз деп уялып, катуу намыстанганбыз. Ал киши биздин жан дүйнөбүзгө руханий төңкөрүш жасаган. Ошол үчүн китептин атын "Коңур коңгуроо" деп атадык. Мажарстанда Орто Азия элдерин, алардын ичинде кыргыздардын тарыхын, тилин изилдеген бир топ окумуштуулар болгон. Ошолордун акыркысы Коңур Мандоки болчу. Мен Мажарстанга барганда бир жаш окумуштуу менен жолугушуп калдым. Андан "силер эмне үчүн кыргыздардын тарыхына кызыгасыңар" десем, ал жигит "байке, биздин түбүбүз, тамырыбыз бир. Кан тартып турат" деп таптак кыргыз тилинде жооп берди.

**Түрколог, окумуштуу Кадыралы КОНКОБАЕВ:**

- Коңур Мандоки 1986-жылы алгач ирет Кыргызстанга келгенде эле Чыңгыз Айтматов, Аалы Токомбаев, Түгөлбай Сыдыкбеков, окумуштуулар геолог Апаз Бакиров, Муса Адышев сыяктуу алптар менен жолугуп, жакындан таанышкан. Мен ал жолугушуулардын бардыгына күбө болгомун. Беш-алты жылдын ичинде эле Мандоки деген аты бул жакта калып, Коңур аке болуп кеткен. Бүгүнкү мажарлар өздөрүн байыркы гunндардын тукумдары деп эсептешет. Батыштагы алардын аты "Хун-гари", гunндардын мамлекети дегенди түшүндүрөт. Аларды биз атам замандан бери эли мажар деп келгенбиз. Кыргызстанда мажар деген тоо бар. Мадияр деген кишилердин аттары, фамилиялары бар. Булардын баары гunндардан калган байыркы ысымдар, аталыштар. Өкүнүчтүүсү Мажарстандагы кыпчактар он сегизинчи кылымдын орто ченинде жазуу тилин да, оозеки сүйлөө тилин да жоготкон. Коңур Мандокинин кыпчак тилин калыбына келтирсем деген кыялы, максаты бар эле. Бизде 1992-жылы Бишкек гуманитардык университети ачылганда мен Коңур Мандоки акеге телефон чалдым. "Мен университетте түркология факультетин ачтым. Сиз үчүн акча таап, Асанбай кичирайонунан 3 бөлмөлүү квартира сатып алдым. Айшакан экөөңүздөр келип ошол үйдө жашап, биздин университетте иштеңиз. Сиз кыялданып жүргөн байыркы кыпчак тилин калыбына келтирип, грамматикасын, алиппесин, баарын жазып чыгалы. Биз жардам беребиз. Экинчиден, сиз өзүңүз айтып жүргөн байыркы кыргыз тилин, кыргыз тилинин тарыхын, этникалык тарыхы боюнча жумуштарды жасайлы" деп айттым. Коңур аке бул кабарды жетине албай, өтө кубануу менен кабыл алды. Ал "мени Европада, Мажарстанда кармап турган эч нерсе жок. Макул, ошол иштерди жасайлы. Мен Кыргызстанга көчүп барам" деди. Орхон-Енисей жазуулары кыргыз элиники деп айтып келатабыз, ошолордун баарын изилдеп, иликтеп жолго коёлу деген чечимге келдик. Бирок, биздин тилектердин баарын күтүүсүз келген ажал жок кылып кетти. Коңур аке 1992-жылы 22-августта капысынан жүрөгү кармап, кайтыш болуп калды.

**Коомдук ишмер Тилектеш ИШЕМКУЛОВ:**

- Мен Коңур Мандоки менен чогуу көп жүрүп калдым. Ал убакта "Советтик Кыргызстан" гезитинин башкы редактору болчумун. Ал киши биздин тарыхты, адабиятты, маданиятты беш колундай билген киши эле. Бүтүндөй Орто Азия аймагын, айрыкча Кыргызстан менен Казакстанды менин карачечекей мекеним деп айтчу. Ал киши Кыргызстандын чыныгы мекенчил адамдарынын бири эле. Кебете-кешпири, аурасы ар бир адамды өзүнө тартып турар эле. Көз карашы кенен, маданияты бийик инсан экени сезилип турчу. Коңур Мандоки кээ бир тарыхчыларыбызга караганда биздин басып өткөн жолубузду, тарыхыбызды эң сонун биле турган. Ал кишинин кыргыз кызына үйлөнөм деген жакшы тилеги бар эле. Эгер көзүм өтүп кетсе сөөгүмдү кыргыз жерине койгула деп айтып калчу. Анткени, "кыргыздар бүтүндөй түрк элдеринин башында турган эл. Ошондуктан биз баарыбыз кыргыздарга таазим кылып, башыбызды иебиз" деп айтчу. Анан да кыргыз тилин аябай жакшы билчү. Тим эле макал-лакаптарды кошуп сүйлөчү. Бирок, шарт, жагдайга жараша казак кызына баш кошту. Сөөгү да Казакстанга коюлду. Ал кишинин доктордук диссертациясы казак тилинде чыкты. Боордош казак эли да аябай сыйлай турган. Коңур Мандоки бир кезекте салган чыйыр аркылуу Кыргызстан менен Мажарстандын ортосундагы достук байланыш күчөп баратат. Былтыркы жылы биздин Президентибиз Садыр Жапаров баш болгон мамлекеттик делегация Мажарстанга барып эки өлкөнүн ортосундагы кызматташуу боюнча бир катар маанилүү келишимдерге кол коюп келди.

**Өмүрбек ТИЛЛЕБАЕВ**




## ООГАНСТАНДАГЫ КЫРДААЛ ТАЛКУУЛАНДЫ

Борбор Азия өлкөлөрүнүн жана Европа Биримдигинин атайын өкүлдөрү Ооганстандагы кырдаалды талкуулоо үчүн Бишкекте чогулушту. Жыйынга Евробиримдиктин Борбор Азия боюнча атайын өкүлү Тери Хакала жана Ооганстан боюнча өкүлү Томас Никлассон келип, БУУнун баш катчысынын Ооганстан боюнча атайын өкүлү, Ооганстанга жардам берүү миссиясынын башчысы Роза Отунбаева катышты. Анда "Талибан" башкарып жаткан Ооганстандагы гуманитардык кырдаал, маңзат бизнесине жана эл аралык терроризмге каршы күрөшүү боюнча эксперттик пикир алышуу болду. "Талибан" кыймылы бийликти колго алган күндөн тарта аялдардын укугу чектелип, кыздардын билим алуусуна тыюу салынды. Азыр аялдар коомдук жайларга, спорт залдарга бара албайт, такай чүмкөнүп жүрүүгө милдеттүү.

## ПАЛЕСТИНАДА ТЫНЧТЫК ОРНОЙ ЭЛЕК

Египеттин борбору Каир шаарында Газа секторундагы атышууну токтотуу тууралуу сүйлөшүүлөр жүрүп жатат. Анда Газадагы атышууну токтотуу, барымтадагыларды бошотуу, сектордун тынч эмес аймактарынан качып барган 1,3 миллиондой палестиналык жай турган баш калкалап турган Рафах шаарында толук масштабдуу операциянын башталышына жол бербөө маселелери талкууланууда. Өкүнүчтүүсү, Израилдин делегациясы ал сүйлөшүүлөрүнөн чыгып кетти. Бирок, Египет негизги маселелер боюнча кеңешүү, сүйлөшүү дагы уланарын билдирди. Палестин автономиясынын башчысы Махмуд Аббас Израил менен айыгышкан ХАМАС тобун Газа сектору боюнча келишимге тезирээк макул болууга чакырды. Белгилей кетсек, былтыр 7-октябрда ХАМАС тобу Газа секторунан Израилдин аймагына кол салып, 1200дөй адамды өлтүргөн, дагы жүздөгөн адамды барымтага алып кеткен. Жөөт армиясы бул үчүн Газага кирип, аскердик операциясын баштаган. Бүгүнкү күнгө карата ал жакта 28 миңдей жай тургундун өмүрү кыйылды.

## РОССИЯДА ПРЕЗИДЕНТТИК ЖАРЫШ БАШТАЛАТ

Эртең Россия Федерациясында 17-мартка белгиленген Президенттик шайлоонун үгүт иши башталат. Бул сапар Президенттик кызматка төрт талапкер ат салышмакчы. Алардын сап башында Россия Федерациясынын Президенти Владимир Путин бар. Ал азыркы шайлоодо партиянын атынан чыкпай, өзүн-өзү көрсөттү. Ошондой эле, "Жаңы адамдар" партиясынан Владислав Даванков, Россия Федерациясынын Коммунисттик партиясынан Николай Харитонов жана Либерал-демократиялык партиясынан Леонид Слуцкий талапкер болуп катталган. Быйылкы шайлоо өзгөртүлгөн мыйзамга ылайык үч күнгө созулуп, 15-марттан 17-мартка чейин өтөт.

## ТҮРКИЯ ТУРИЗМДЕН 60 МЛРД ДОЛЛАР ТАБАБЫ?

Дүйнөдө туризм багытында лидерлердин бири болгон Түркия былтыр ийгиликтүү өсүүсүн улантты. Атап айтсак, 2023-жылы 56,7 миллион эл аралык туристтерди тосуп алып, жылдык көрсөткүчтү 10 пайызга жогорулатты. Түркиянын Маданият жана туризм министрлигинин маалыматы боюнча, өлкөнүн туризмден түшкөн кирешеси өткөн жылга салыштырмалуу 17 пайызга өсүп, 54,3 миллиард долларга, туристтердин бир түнгө орточо чыгымы 99 долларга жетти. Туристтердин саны жана туризмден түшкөн киреше өлкөнүн рекорддук көрсөткүчү катары жарыяланды. Өткөн жылы Кыргызстандан Түркияга баргандардын саны да 2022-жылга салыштырмалуу 14%га өсүп, 169906 кишини түздү. Түрк бийликтери 2024-жылга 60 миллион туристти тартууну жана 60 миллиард доллар туризм кирешесин алууну максат кылууда.

**Зулпукаар САПАНОВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН
## ТЕСКЕМЕСИ

Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги менен Түркия Республикасынын Энергетика жана жаратылыш ресурстары министрлигинин ортосунда энергетика, энергиянын натыйжалуулугу жана энергияны үнөмдөө жаатында ак ниет кызматташуу үчүн негиздерди түзүү, ошондой эле маалымат жана технологиялар менен алмашууга көмөктөшүү максатында:

Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги менен Түркия Республикасынын Энергетика жана жаратылыш ресурстары министрлигинин ортосундагы' Энергетика, энергиянын натыйжалуулугу жана энергияны үнөмдөө жаатында өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандумдун расмий тилде тиркелген долбооруна макулдук берилсин.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 8-февралы, №42-т***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2017-ЖЫЛДЫН 29-СЕНТЯБРЫНДАГЫ №626 "КАЗЫНАЛЫКТЫН БИРДИКТҮҮ ЭСЕП СИСТЕМАСЫНДАГЫ АТАЙЫН ЖАНА ДЕПОЗИТТИК ЭСЕПТЕРДЕ ТОПТОЛГОН БЮДЖЕТТИК МЕКЕМЕЛЕРДИН КАРАЖАТТАРЫ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН
## ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 105-беренесин ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы №626 "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө жободо:

- 10-пункт төмөнкүдөй мазмундагы "$ж^1$" пунктчасы менен толукталсын:

"$ж^1$) билим берүү, илимий жана окуу-өндүрүштүк иштен түшкөн кирешелер;".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А. ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 12-февралы, №54***

## АВТОТРАНСПОРТ КАРАЖАТТАРЫН МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИККЕ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН
## ТОКТОМУ

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын материалдык-техникалык базасын чыңдоо максатында, "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик белгиленген тартипте автотранспорт каражаттарын муниципалдык менчикке тиркемеге ылайык өткөрүп берсин.

**2.** Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына белгиленген тартипте төмөнкүлөр сунушталсын:

- ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн автотранспорт каражаттарын муниципалдык менчикке кабыл алсын жана аларды жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын чегинде күтүүнү камсыз кылсын;

- автотранспорт каражаттарын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык транспорт каражаттарын каттоо органдарында кайра каттоодон өткөрсүн.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 12-февралы, №55***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 15-СЕНТЯБРЫНДАГЫ №510 «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ ЭТИЛ СПИРТИН, АЛКОГОЛДУК ПРОДУКЦИЯНЫ ӨНДҮРҮҮНҮ ЖАНА ЖҮГҮРТҮҮНҮ КОНТРОЛДОО БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИКТИН МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН
## ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Этил спиртин, алкоголдук продукцияны өндүрүүнү жана жүгүртүүнү контролдоо боюнча мамлекеттик агенттиктин башкаруу системасын өркүндөтүү максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 15-сентябрындагы №510 «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Этил спиртин, алкоголдук продукцияны өндүрүүнү жана жүгүртүүнү контролдоо боюнча мамлекеттик агенттиктин маселелери жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Этил спиртин, алкоголдук продукцияны өндүрүүнү жана жүгүртүүнү контролдоо боюнча мамлекеттик агенттик жөнүндө жободо:

- 18-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«18. Агенттикте 5 адамдан турган коллегия түзүлөт. Коллегиянын курамына кызмат орду боюнча Агенттиктин директору (коллегиянын төрагасы), директордун биринчи орун басары, директордун орун басары, Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын өкүлү кирет. Коллегия мүчөлөрүнүн жеке курамын Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын профилдик түзүмдүк бөлүмү менен макулдашуу боюнча Агенттиктин директору бекитет. Коллегиянын чечимдери чечим түрүндө кабыл алынат жана директордун буйруктары менен ишке ашырылат.».

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Этил спиртин, алкоголдук продукцияны өндүрүүнү жана жүгүртүүнү контролдоо боюнча мамлекеттик агенттик өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А. ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 12-февралы, №56***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ ЖЕР РЕСУРСТАРЫ, КАДАСТР, ГЕОДЕЗИЯ ЖАНА КАРТОГРАФИЯ БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИК ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН
## ТОКТОМУ

Жер кадастры, жер мамилелери, кадастрдык картография, жерге жайгаштыруу, кыймылсыз мүлккө укуктарды жана алар менен болгон бүтүмдөрдү каттоо, жер рыногун жана кыймылсыз мүлктү талдоо боюнча бирдиктүү мамлекеттик саясатты ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 25-декабрындагы №354 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин түзүмүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Жарлыгын аткаруу үчүн, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттик жөнүндө жобо жана башкаруу схемасы 1 жана 2- тиркемелерге ылайык;

2) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттиктин алдындагы "Мамкартография" геодезия жана картография боюнча мамлекеттик мекемеси жөнүндө жобо 3-тиркемеге ылайык;

3) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттиктин алдындагы "Кыргызмамжердолбоорлоо" жерге жайгаштыруу боюнча мамлекеттик ишканасынын уставы жана башкаруу схемасы 4 жана 5-тиркемелерге ылайык.

**2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 9-мартындагы №83 "Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) аталышындагы, преамбуладагы, 1-пункттагы "Айыл чарба" деген сөздөр "Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы" деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги жөнүндө жободо:

- 1-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"1. Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги (мындан ары - Министрлик) суу ресурстары, анын ичинде суу фонду, ичүүчү суу менен камсыз кылуу жана саркынды сууларды чыгаруу, жерлерди мелиорациялоо, ирригациялык жана мелиоративдик инфраструктура, агроөнөр жай комплекси, анын ичинде мал чарбачылыгы, ветеринария, балык өстүрүү (аквакультура), өсүмдүк өстүрүү, өсүмдүктөрдүн карантини, айыл чарба багытындагы жерлер (айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фонду жана жайыттар), тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр жайы (этил спиртин, алкоголдук жана спирт камтыган продукцияны өндүрүү, импорттоо, сактоо жана жүгүртүү жаатындагы бирдиктүү мамлекеттик саясатты камсыз кылууну кошпогондо), жер жана суу мыйзамдарын колдонууда жана сактоодо бир түрдүүлүктү камсыз кылуу, ошондой эле ветеринардык, фитосанитардык коопсуздук жаатында мамлекеттик көзөмөлдөө жана контролдоо жана Кыргыз Республикасынын жер жана суу мыйзамдарын сактоо, ошондой эле жашыл жана органикалык айыл чарба, климаттын өзгөрүшүнө байланыштуу айыл чарбадагы адаптациялык жана митигациялык чаралар чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты ишке ашырууну аткаруу бийлигинин ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы болуп саналат.";

- 3-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"3. Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин укуктук мураскери болуп саналат.";

- 6-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"6. Министрликтин толук аталышы:

мамлекеттик тилде: "Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги";

расмий тилде: "Министерство водных ресурсов, сельского хозяйства и перерабатывающей промышленности Кыргызской Республики";

- 9-пунктта:

1-пунктчанын үчүнчү абзацындагы кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо, жерлерди которуу (трансформациялоо), жер кадастры", топография, геодезия жана картография, жер жана кыймылсыз мүлк рыногун өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү, жоготуулардын ордун толтуруунун ченемдерин өркүндөтүү" деген сөздөр алып салынсын;

2- пунктчанын он жетинчи-жыйырманчы абзацтары күчүн жоготту деп таанылсын;

4-пунктчанын он биринчи абзацы күчүн жоготту деп таанылсын;

- 11-пункттагы "Айыл чарба" деген сөздөр "Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы" деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) жогоруда аталган токтомдун 2-тиркемеси ушул токтомдун 6-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 6-августундагы №116 "Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрү жана уюмдары жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) аталышындагы "Айыл чарба" деген сөздөр "Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы" деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) 1-пункттун төртүнчү абзацы, 3-пункттун 2, 18, 20-пунктчалары күчүн жоготту деп таанылсын;

3) жогоруда аталган токтомдун 3, 4, 33, 36, 37-тиркемелери күчүн жоготту деп таанылсын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтомдун 1-тиркемесинде:

- 6-пунктта:

"Айыл чарба" деген сөздөр "Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы" деген сөздөргө алмаштырылсын;

"7198", "1228", "122", "6903", "1165" деген цифралар тиешелүү түрдө "6979", "1199", "119", "6684", "1136" деген цифраларга алмаштырылсын;

- төмөнкүдөй мазмундагы $19^4$-пункт менен толукталсын:

"

| | | | |
|---|---|---|---|
| $19^4$ | Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттик | 222 | 29 |
| | анын ичинде: | | |
| | борбордук аппарат | 3 | |
| | ведомстволук бөлүмдөр | 219 | 29 |

";

- эскертүүнүн 1-пункту төмөнкүдөй мазмундагы $3^2$-пунктча менен толукталсын:

"$3^2$) атайын эсептерде топтолгон каражаттардан каржылануучу жана өзүн-өзү каржылоо принциптеринде иш жүргүзгөн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттик;";

2) жогоруда аталган токтомдун 5-тиркемесинде:

- 6-пункттагы "Айыл чарба" деген сөздөр "Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы" деген сөздөргө алмаштырылсын;

- төмөнкүдөй мазмундагы $21^1$-пункт менен толукталсын:

"

| | | |
|---|---|---|
| $21^1$ | Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттик | 2 |

".

**5.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 18-февралындагы №82 "Асыл тукум мал чарбасы жана ирригация жаатындагы агрардык илимди өнүктүрүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- 6-пункт күчүн жоготту деп таанылсын.

**6.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 4-мартындагы №114 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин иш чөйрөсүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 1-пунктунун 1-3, 7-9-пунктчалары;

2) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 23-июнундагы №320 "Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин түзүмү жаатындагы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 2-пунктунун 2, 3-пунктчалары;

3) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 22-декабрындагы №696 "Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Жер ресурстары кызматынын маселелерин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 1-пункту.

**7.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**8.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 12-февралы, №53***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТЫ А.Ж.БОРОНБАЕВДИН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ТОКТОТУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ТОКТОМУ

